С. ИШЕНОВ

Китеп-кана — БИЗДИН ДОС

Ишенов С.

КИТЕПКАНА— БИЗДИН ДОС

«МЕКТЕП» БАСМАСЫ,
ФРУНЗЕ 1979

024 Индекс ББК 78.35
И 97

Ишенов С.

И 97 Китепкана — биздин дос.— Ф.: Мектеп, 1979,—52 бет.

Бул китепчеден китептер жөнүндө, китепканадан пайдаланууну жана китеп окуунун кээ бир ыкмалары, керектүү китепти китепканадан табуунун жолдору жөнүндө маалымат аласыңар.

024
ББК 78.35

И 60700—081 / М 452(17)—79 115.79.4403040000.

© «Мектеп» басмасы, 1979-ж.

КИРИШ СӨЗ ОРДУНА

Кымбаттуу жаш окурман! Бул китеп: роман да, повесть да, поэма да, аңгеме да эмес. Бул китеп билимиңе — билим, акылыңа — акыл кошкон, мектептен алып жаткан билиминерди бекемдөөгө жана өрчүтүүгө бирден-бир көмөкчү болгон, ички жан-дүйнөңөрдү байыткан кызыктуу көркөм адабият жанры, илимий-популярдуу жана фантастикалуу китептер, өлчөмдө жок энциклопедиялар жана справочниктер, сөздүктөр, түрдүү газета-журналдар сакталган эң сонун маданият казынасы — КИТЕПКАНА жана андан пайдалануунун жөнөкөй жана кээде татаал жол-жобосу, китеп окуунун кээ бир ыкмалары жөнүндөгү толук эмес чакан баяндама.

Бул китеп тестиер жана өспүрүм балдарга сунуш кылынат.

КИТЕПКАНА — БИЗДИН ДОС

Балдар! Силер жашап турган ар бир колхоздо, совхоздо, райондун борборунда же шаарда болсун, китепканалар бар.

Китепкана деген эмне деп силерден сураса: бирөөңөр — «бул китеп бере турган жер», экинчиңер — «бул жерден китеп окууга болот», үчүнчүңөр — «китепканадан мурда билбеген эң көп жаңылыктарды билүүгө болот»,—деп жооп бересиңер. Жалпысынан алганда булардын бардыгы туура.

Китепкана — китептердин, журналдардын жана газеталардын атайын жыйналып топтоштурулган жери.

Жер шарында биринчи китепканалар байыркы Грецияда пайда болгон. Гректин «библио»—китеп, «тека»—сактагыч деген сөздөрүнөн библиотека же кыргызча

айтканда китеп сактагыч (китепкана) келип чыккан. Ал убакта китеп кагаздан жасалчу эмес. Анткени кагаз турмушта пайда боло элек мезгил эле. Кагаздын ордуна топурактан жасалган чоң-чоң плиталарга жазышкан. Андан кийинчерээк малдын терилерине жаза башташкан. Алардын бул китептери храмдарда сакталган. Китепканадан падышалар, аристократтар гана пайдаланышкан. Калган кишилердин китепканадан китеп окуу үчүн укугу да, сабаттуулугу да болгон эмес.

Биздин өлкөбүздө биринчи китепканалар биздин эранын II кылымында пайда болуптур. Бул китепканалардан да жалаң эле падышалар жана анын жан-жөкөрлөрү гана пайдаланышкан.

Ал гана эмес кийин эле, падышалык Россияда да китепканалар белгилүү гана адамдар үчүн ачык болгон. Карапайым эмгекчи эл китепканадан пайдалангандыгы үчүн акча төлөөчү.

Советтик доордо китепканалар жана алардын жүргүзгөн иштери В. И. Лениндин ысмы менен терең байланыштуу. Владимир Ильич китепканалык ишке чоң баа берген. Ошондуктан ал Октябрь революциясынын биринчи эле жылдарында китепканалардын элди тейлеп, эмгекчи эл менен иштөөсү үчүн камкордук көрүп, бардык китепканаларды мамлекеттештирген. Китепкананын эшиги эмгекчи эл үчүн дайыма ачык болуусу жөнүндө талап койгон. В. И. Ленин өлкөбүздө калкты тейлеген 50 миңдей китепкана болсо деп ошол учурда ойлогон.

Улуу акылман, балдардын сүйүктүү досу, бүткүл дүйнө эмгекчилеринин жолбашчысы В. И. Лениндин китепкана иши жөнүндөгү ойлогон ою жана койгон талаптары биздин Ата Мекенибиздин азыркы басып өткөн күжүрмөн мезгилине байланыштуу өсүп-өнүгүп жатат. Азыркы учурда Советтер өлкөсүндө 400 миңден ашык китепканалар эмгекчи элдин сүйгөн жайына айланды.

Бүгүнкү күндө жалаң эле Кыргызстанда 3 миңден ашык ар түрдүү китепканалар бар. Мунун ичинен сексенден ашык балдар китепканалары жана 1200гө жакын мектеп алдындагы китепканалар силерди түздөн-түз тейлейт. Селолук жана колхоздук китепканалар да өз аймагында жашаган мектеп окуучуларын китеп менен тейлөөгө милдеттендирилген.

Китепканалардан силер окуу куралдарын, кызыктуу

романдарды, повесттерди, аңгемелерди, поэмаларды жана ырларды, ар кандай моделдерди жасоонун эрежелерин, справочниктерди жана ар түрдүү сөздүктөрдү убактысынча үйгө жаздырып алып, окуй аласыңар. Илимдин түрдүү тармактары боюнча да адабияттарды китепканадан алууга болот.

Бүгүнкү күндө республикабыздагы (ошондой эле союзда да) бардык массалык китепканалар райондук жана шаардык болуп территория боюнча борборлоштурулуп жатат, б. а. шаардын же райондун аймагындагы бардык массалык китепканалар бириктирилүүдө. Бул иш 1980-жылы аяктап бүтөт. Борборлоштуруп бириктирүүнүн негизги максаты — колдо болгон китеп фондусунан мүмкүн болушунча толук пайдалануу, окурмандар менен жакшы иштеп, алардын суроолорун тез канаатандыруу болуп эсептелет.

Борборлоштурулганга чейин селолук китепкана же райондук китепкана өзүндө өткөрүлгөн жекече жана массалык иштерде өз китеп фондуларынан гана пайдалана алса, эми борборлоштурулгандан кийин райондогу (шаардагы) бардык китепканалардын китеп фондусунан толук пайдаланууга мүмкүнчүлүгү бар. Ошол сыяктуу эле ар бир окурман райондогу бардык китепканалардын китеп фондусунан өзү дайыма окуп жүргөн китепканасы аркылуу толук жана дайыма пайдалана алат.

Деги, азыркы биз жашап турган жыргалдуу турмушта китепкана өзүнчө эле бир акыл өлкөсү, миңдеген адамдардын эмгектеринин топтолгон жери, достуктун шаарчасы, маданияттын очогу болду. Китепкана чындыгында эле бардык кылымдарда жашаган ойчул адамдар жана алардын баалуу эмгектери менен жолугуша турган кымбаттуу жер. Адам баласынын айткан жана жазып калтырган бардык кызыктуу иштерин биз китепканада топтоштурулган китептерден таба алабыз.

Китепканадан сен турмуш жөнүндөгү түрдүү чыгармаларга жолугасың. Анда азыркыдай жашап жаткан жыргалдуу турмушка жетишүү үчүн адам баласы канчалык кыйынчылыктарды басып өткөндүгүнө күбө болосуң.

Замандаштарыбыздын китептери болсо көп улуттуу өлкөбүздүн күч-кубатынын бирдиктүүлүгүн, эмгекчи элдердин кайраттуу эмгегин, тынчтыкты сактоодо совет элинин жүргүзгөн күжүрмөн аракеттерин, адам бала-

сынын жаркыраган келечеги — коммунизмди куруудагы совет элинин талыкпаган эмгегин баяндайт.

Илимий-фантастикалык китептер келечекти али көрсөтпөй калкалап турган көшөгөнү сыйра тартып, биздин эртеңки күнүбүз жөнүндө сөз кылат. Мындай китептер жөнүндө силерге ким, айтып берет?

— Албетте, китепканачы!

Силерге китепканачы кызыктуу китептер жөнүндө гана айтып бербестен, китеп жөнүндөгү талкууларды уюштурат, конференцияларды өткөрөт, китептер боюнча обзор берет. Силер үчүн түшүнүксүз болгон бардык суроолорго жооп таап берет жана ар кимиңерге ылайыктуу китептерди сунуш кылат.

Мына ошентип, китепканада өткөрүлгөн иштердин бардыгы келечекте силердин билимдүү адам болушуңарга карата жүргүзүлгөн аракеттер.

Китепканага дайыма келип, анын кызыктуу китептеринен пайдалангыла, өткөргөн жекече жана массалык иштерине катышып, өзүңөрдүн таанып билүү жана илимий байлыгыңарды кеңейткиле.

КИТЕПКАНАНЫН ОКУУ ЗАЛЫ

Китепкананын окуу залы — китепканадагы бардык басма материалдарын (энциклопедияларды, сөздүктөрдү, справочниктерди, ошондой эле илимдин түрдүү тармагы боюнча китептерди, газеталарды, журналдарды, географиялык атластарды жана карталарды ж. б.) китепкананын өзүндө отуруп пайдалануу үчүн шартташтырылган жай.

Окуу залында отуруп китеп окуу, китеп менен иштөө, газета жана журналдардын эски жана жаңы сандары менен таанышуу окурман үчүн эң ынгайлуу. Анткени, окурман ошол учурда өзүнө керектүү болгон бардык китептерден жана газета-журналдардан бир эле убакта пайдалана алат. Экинчиден кээ бир сейрек учуроочу китептен да пайдаланат. Абонементте андай мүмкүнчүлүк жок. Абонемент үйгө бир сапарда 5—6 гана китеп берүү менен чектелет. Сейрек учуроочу жана баалуу китептерди үйгө бербейт.

Окуу залында ар түрдүү темаларда китеп көргөзмөлөрү, плакаттар уюштурулат жана алардын жанында

китептерге обзорлор берилет, аңгемелер өткөрүлөт. Окуу залында бардык маалымат берүүчү адабияттар өзүнчө топтоштурулуп коюлат. Ал «справкалык-библиографиялык фонд» же «Маалымат берүүчү фонд» деп жөнөкөй эле аталып жүрөт.

Окуу залында китепкана тарабынан өткөрүлүүчү массалык иштердин басымдуу көпчүлүгү жүргүзүлөт. Китепкананын окуу залына үзбөй келип турсаң алардын күбөсү болосуң. Китепканада окуу залынын болушу — окурмандар үчүн да жана китепканачы үчүн да эң чоң мааниси бар. Окурман окуу залынан керектүү болгон китептерди жана газета-журналдарды гана албастан, китепканачыдан китеп окуу учурунда пайда болгон тийиштүү суроо боюнча кеңири консультация алууга толук шарты бар.

Китепкананын окуу залынан газета-журналдардын статьяларынан түзүлгөн системалык картотека, край таануу картотекасы, түрдүү тематикалык картотекалар менен таанышып, алардан өзүңдү кызыктырган суроолорго жооп берүүчү материалдарды таап алууга болот. Биринчи жолу алардан керектүү болгон материалды издегенде китепканачы менен бирдикте карап, алардын бөлүнүштөрүн жана жайгаштырылышын үйрөнүп алуу керек. Андан кийин кандай гана темадагы материалды издесең, таап алуу оңой болот.

Бул картотекалардагы материалдар системалык каталогду али китеп болуп чыга элек материалдар менен толуктап турат.

Китепканада мектеп окуучулары үчүн газеталарды жана журналдарды кантип пайдалануу керектиги жөнүндө атайын иштер өткөрүлөт. Алар ар түрдүү. Алар менен китепканага келип таанышып тур.

Китепкана балдар үчүн үстүбүздөгү жылы кайсыл газеталарды жана журналдарды ала тургандыгы жөнүндө да маалымдап, алардын атайын тизмесин окуу залынын көрүнөө жерине илип коёт. Силердин ар бириңер кайсы газета, же кайсы журнал эмне жөнүндө өз беттеринде чагылдыра тургандыгы жөнүндө кыскача билишиңер керек. Өзүң дайыма окуп жүргөн же окусам деп кызыккан газетаңды же журналыңды китепканадагы тизмеден карап көр. Эгер аны китепкана ала турган болсо, андан дайыма (жаңы сандарынан) пайдалануу-га толук мүмкүнчүлүк болот.

Газетаны кантип окуу керек? — Аны күн сайын оку. Көпчүлүк газеталар күн сайын чыгат. Ал сага биздин өлкөбүздө жана дүйнө жүзүндө болуп жаткан эң маанилүү окуялар жөнүндө айтып берет. Газетаны окуурдан мурда, анын беттеринде басылган материалдардын темаларына бир сыйра көз чаптырып ал. Андай кароо менен сен өзүңө эң кызыктууларын таап аласың.

Газетаны окуганда жаңы жолуктурган өлкөлөрдүн же шаарлардын аталышын эсинде жакшы сактап калуу үчүн географиялык карталарды жана атластарды пайдалануу керек. Түшүнбөгөн сөздөр жолукса аны сөздүктөн карап же китепканачыдан сурап билүүгө болот.

Журналды кантип окуу керек? Журналдар көбүнчө айына бир жолу чыгарылат. Кээ бир журналдар айына эки-үч жолу чыкса, кээ бир журналдар кварталына бир жолу чыгарылат.

Журналда басылуучу материалдар да өзүнүн тематикасы боюнча ар түрдүү. Анын беттеринен аңгемелерди, очерктерди, повесттерди, романдардын үзүндүсүн, ырларды, поэмаларды, коомдук-саясий маанидеги статьяларды, адабият проблемаларына арналган ар түрдүү сын макалаларды ж. б. окууга болот. Басылган материалдардын мазмунуна жараша сүрөттөр, чиймелер, репродукциялар да берилет.

Журналды окуурда анын мазмунун көңүл коюп карап чыгып, өзүңө кызыктууларын танда. Анан аларды окуп чыгуу керек. Өзүңө керектүүлөрүн окуп жаткан учурда кыскача конспектилеп ал. Журналдын сандарын да газета сыяктуу катары менен окуган жакшы натыйжаларга алып келет. Анткени, андагы берилген материалдардын уландысы анын кийинки санында басылышы мүмкүн. Жарыяланган материалдар (көркөм чыгармадан башкасы) көбүнчө журналдын ошол саны чыккан айдын ичиндеги окуяларды баяндайт.

Окуу залынан пайдаланган окурмандарга төмөнкү талаптар коюлат. Окуу залында олтуруп газета, журнал же китеп окуп жатканда алардын барактарын калдыратып ачууга, кызыктуу же күлкүлүү жерлери жолукканда каткырып күлүүгө эч качан болбойт. Ошондой эле, окуу залында таканы тарсылдатып басуу, үн чыгарып угуза сүйлөшүү тыюу салынат. Анткени — окуу залында сенден башка кишилер да өз иштери боюнча даярданып жатышат. Алардын көңүлүн бөлүү — алардын окуусуна

тоскоолдук кылган менен барабар болот. Окуу залында отургандардын баары сени жаман көрө баштайт. Андай абалга калуунун кандай пайдасы бар. Андан көрө окуу залынын шартын толук сактап, китеп окуу менен өзүңө керектүү болгон материалды билип алганың оң.

Эгерде эмнени окуу, эмнени билүү керектигин билбесең же көп билүү үчүн эмнеден баштоо керек экендигин да билбесең — уялбай эле китепканага кел. Анын эч уяты жок, китепканачы сага дайыма жардамга келет. Анткени ал сага окшогон окурмандардын суроолорун канааттандыруу үчүн күн сайын даярдык менен сени окуу залында күтүп алат.

ОКУРМАНДАР МЕНЕН ӨТКӨРҮЛҮҮЧҮ МАССАЛЫК ИШТЕР

Китепканада окурмандар менен түрдүү массалык иштер өткөрүлөт. Алар: угуза окуулар, библиографиялык обзорлор, аңгемелер, китепти талкуулоо, окурмандардын конференциясы, адабияттык кечелер, суроо-жооп кечелери ж. б.

Угуза окуулар негизинен төмөнкү класста, башкача айтканда 1—3-класстарда окууга балдар арасында өткөрүлөт. Төртүнчү жана андан жогорку класстарда окуган балдар арасында угуза окуу жүргүзүлбөйт. Анткени алар өзүлөрү китепти шар, уккулуктуу жана ойлоп окуй алышат.

Аңгемелер окурмандар менен жекече жана массалык түрдө да жүргүзүлөт. Көбүнчө бир жакшы китепти сунуш кылган учурда же окурмандын окуп келген китебине кандай түшүнгөндүгүн аныктаганда жүргүзүлөт. Китепканачы окурмандын китепти туура түшүнүүсүнө ар дайым көмөктөшөт. Ошондуктан ал окурмандарга окуп келген китептери жөнүндө токтолот. Эгерде окурман туура эмес түшүнсө, кээ бир деталдарды китепканачы айтып берүү менен китептин мазмунун ачат. Окурман менен китепканачынын ортосунда болгон сөздөрдү аңгеме дейбиз.

Библиографиялык обзорлор. Окурмандарга атайын жаңы келген китептердин кандай мазмунда экендигин билгизүү үчүн китепканачы баяндоо жасайт. Бул баяндоодо китепканачы тигил же бул китептин мазмунуна

кыскача токтолот, анын кошумча кандай сүрөттөрү, чиймелери бар экендигин, китеп кимдер үчүн өтө керектүүлүгүн айтат. Жаңы келген китептер боюнча өткөрүлгөн мындай баяндоолор китепканалык терминде библиографиялык обзорлор деп аталат. Обзорлорго дайыма катышып турган окурман өзү окуу үчүн издеген кызыктуу китепке жолугат. Анткени обзордо ондон отузга чейинки, мүмкүн кийинки мезгилдерде андан да көп эң мыкты китептер киргизилип жүрөт. Обзор дайыма китепканага жаңы келген китептерди китепканалык жактан кайра иштеп чыккандан кийин өткөрүлөт. Ошондуктан анын кайсы күнү өткөрүлөрү китепканага дайыма келип жүргөн окурман үчүн анчалык деле табышмактуу эмес.

Китепканачы китепканада мурдатан эле болгон кызыктуу, бирок, окурмандарга али белгисиз китептер боюнча да обзорлорду өткөрөт. Ал көбүнчө бир кызыктуу теманын мазмунун кеңири ачууга көмөкчү болгон китептерди өз кучагына камтыйт. Мүмкүн ал беш китептир, же 15 китептир, бирок теманын мазмунун кеңири ача алгандай болушу керек.

Эгерде сени бир тема өтө кызыктырса, ал тема боюнча окуй турган китептердин тизмесин китепканачы сага түзүп берет. Эгерде ушул эле сен кызыккан тема сенин класташ башка жолдошторунду да кызыктырса, анда китепканачы китептердин тизмесин гана түзүп бербестен, ушул темадагы адабияттар боюнча силерге кызыктуу обзор өткөрүп бериши ыктымал. Андан кийин силер тема боюнча түзүлгөн китептердин тизмесинен өз алдынарча пайдаланып окуй бересиңер.

Обзорлор көбүнчө китеп көргөзмөлөрүнүн жанында да өткөрүлүп жүрөт. Анда негизинен китеп көргөзмөсүнүн темасына ылайыктуу болгон китептерди өз ичине камтыйт. Китеп көргөзмөсүндө ал темага байланыштуу болгон бардык китептерди жайгаштыра албагандыктан, анын жанында китеп көргөзмөсүн толуктоо максатында обзорлор өткөрүлөт.

Китепти талкуулоо — бул окулган белгилүү бир китеп жөнүндө ой-пикир айтышуу, эркин дискуссия жүргүзүү дегенди түшүндүрөт. Талкууда ар бир окурман ал китеп жөнүндөгү өз ой-пикирин кеңири аудиторияда ортого салууга мүмкүнчүлүк алат. Талкууда китептин көркөмдүк таасири, идеялык мазмуну кеңири баяндалат. Кээ бир окурмандар сүйүктүү каарманынын образына

токтолот. Каарман кайсыл жактары менен анын көңүлүнө кирип, сүйүктүү болуп калганын калган жолдошторуна ачып берет.

Китепти талкуулоону (кайсы китеп экендигин) китепканачы белгилейт. Көпчүлүк окурмандардын сүрөөлору боюнча да китепканачынын талкуу өткөрүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Бул учурда талкуулана турган сүрөөлор окурмандар менен китепканачы тарабынан бирдиктүү түзүлөт.

Талкуулана турган көркөм чыгарма терең идеялуу болуп, окурмандардын пикиринде талаш-тартыштарды жаратышы тийиш. Андай болбосо, анын эмнеси талкуу. Ошондуктан талкуу үчүн эң актуалдуу, терең идеялуу көркөм чыгарма тандалып алынат.

Талкуу көбүнчө тестпер жана өспүрүм окурмандар арасында өткөрүлөт. Талкууга катышып, өз ой-пикирин көпчүлүктүн алдында айтып жүргөн окурмандар кыюлуштуруп сүйлөө, ойду туура түшүндүрүү, окуяны кеңири баяндоо, жана башка бирөөлөрдүн сүйлөгөн сөздөрүн түшүнүү жагынан такшала берет. Талкуунун ар бир окурман үчүн чоң пайдасы бар. Ага катышып туруу керек.

Талкууга даярдануу үчүн толук мүмкүнчүлүк берилет. Анткени даярдануу мезгили толук бир ай убакытка созулат. Бир айдын ичинде бир китепти жакшылап окуп чыгууга кантип болбосун. Окуп чыккандан кийин китепканачы менен жолугушуп, андан кээ бир түшүнүксүз болгон сүрөөлорду сурап, түшүнүп алууга да мүмкүнчүлүк бар. Талкуу учурунда бериле турган сүрөөлорду китепканачы өзү түзгөндүктөн, аларды ал жакшы билет. Талкуудагы кээ бир сүрөөлорду мүмкүн башка окурмандар сенден дурус билишер. Андай болгондо да сага жаман болбойт. Өз билгенинди дагы керектүүлөр менен толуктап аласың.

Талкуунун жыйынтыгы чыгарылат. Анда аны жыйынтыктаган киши (китепканачы же адабият мугалими) талкууда коюлган сүрөөлордун туура чечилишине токтолот. Туура чечилбеген сүрөөлорду кыскача түшүндүрөт. Талкууга активдүү катышкан окурмандарга кызыктуу китептер белекке берилет жана ал окурмандар китепкананын активине мүчөлүккө кабыл алынышы мүмкүн. Көрдүңөрбү, окурмандар үчүн кандай жакшы шарттар түзүлгөн.

Окурмандардын конференциялары. Бул окурмандар менен өткөрүлүүчү иштердин эң ириси. Анткени окурмандын конференциясына жүздөн ашык киши катышат. Ал — чыгармага бардык жагынан терең жана жеткиликтүү анализ берет. Анын жакшы жана начар жактарын аныктайт. Идеялык мазмуну окурмандарга түшүнүктүү чагылдырылат. Чыгармадагы башкы оң жана терс каармандарга толук мүнөздөмө берилет.

Конференция бир же бир канча китептер боюнча өткөрүлүп жүрөт. Бир канча китептер боюнча өткөрүлгөн конференция бир темага топтоштурулат. Ошондуктан ал тематикалык конференция деп аталат.

Конференция өтүлө турган бир китеп боюнча бир канча темалар белгиленип, аларды даярдоо үчүн тийиштүү кишилер бөлүнөт. Ошолордун бири мүмкүн өзүң болуп калышың да мүмкүн. Сага берилген тема боюнча конференцияда чыгып сүйлөө үчүн сенин даярданышың талапка ылайыктуу. Ал үчүн бир айдан ашык убакыт берилет. Мына ушул мезгилдин ичинде сен китепканачы менен бир канча жолу жолугуп, андан тийиштүү кеңештерди аласың. Башка темалар боюнча башка окурмандар же мугалимдер, же пионервожатыйлар да өз даярдыктарын көрүшөт.

Даярдануу учурунда өзүнө берилген теманы толук түшүнүүгө жетиштүү убакыт талап кылынат. Анын үчүн китепти окуп чыгыш керек андан кийин тийиштүү сын материалдар менен таанышуу керек.

Тема боюнча чыгып сүйлөө үчүн доклад даярдалат. Бул ишке биринчиден окуп чыккан китебиң жана ал жөнүндөгү сын материалдар жакшы өбөлгө түзөт. Докладыңда өзүнө берилген тема толук ачылуусу тийиш. Бирок, докладың 10—12 минуттан ашык болбошу талап кылынат. Докладды даярдоодо китепканачыдан тартынбай жардам алыш керек. Ал докладыңды окуп чыгып алымчаларын, кошумчаларын айтат. Мүмкүн, сени менен отуруп бирге даярдашат.

Бир канча китептер боюнча өткөрүлгөн окурмандык конференция деле ушундай мүнөздө даярдалат.

Сен өзүнө берилген теманы, башкалар да өзүлөрүнө берилген темаларды даярдап бүттү дейли. Ошол күнү китепкана совети конференцияны даярдагандар менен жолугушуп темалар боюнча докладды угуп көрүшөт. Кошумчалары болсо кошот, керексиз жерлерин алып

ташташат. Окурмандар белгиленген күндүн белгилүү мезгилинде конференция өткөрүлүүчү залга келе башташат. Анткени көпчүлүгүндө китепкана тарабынан берилген чакыруу билеттери бар. Чакырылган адамдар келип бүткөндөн кийин президиумда отурган кишилердин бири (председатели) конференцияны ачып, анын планын белгилейт. Китеп жана автору жөнүндө кыскача сөз сүйлөйт. Андан кийин атайын даярдалган темаларды талкуулоого өтүшүп, сөз биринчи теманы алган докладчыга берилет. Ал өз темасы боюнча конференциянын катышуучуларынын алдында чыгып сүйлөйт. Анын сөзүнөн бул тема боюнча жарыш сөздөр башталат. Ар түрдүү ой-пикирлер айтылышы мүмкүн.

Бул тема боюнча жарыш сөздөр аяктагандан кийин экинчи теманы алган докладчыга сөз берилет. Анын докладынан кийин ал тема боюнча да жарыш сөздөр башталат. Бир канча окурман чыгып сүйлөшөт.

Калган темалар да ушул тартипте чечилет. Ошентип, бардык темалар чечилгенден кийин конференцияны ачкан киши, же мүмкүн башка бирөөдүр, бирок адабиятчы болушу керек, жыйынтык чыгарат. Жыйынтыгында ал темалардын канчалык айкын, так жана туура ачылгандыгына токтолот. Жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөн окурмандардын кимиси теманын мазмунун ачууга дурус салым кошконун белгилейт. Ошону менен конференция аяктайт. Конференциянын темасы боюнча кинофильм болсо, окурмандарга көрсөтүлөт.

Бул жерде конференциянын окурмандарга калтырган таасирин белгилей кетүү керек. Ал ар бир окурманга өзүнүн таасирин тийгизбей койбойт. Анткени, конференция өткөнүнө 15—20 күн болсо да, анда кандай суроолор боюнча ой-пикирлер төп келишпей талаш-тартыштардын болгондугу эске түшө берет.

Экинчиден, чыгарма жөнүндө ар бир окурман кеңири түшүнүк алып чыгат. Тийиштүү теманын кээ бир суроолору боюнча жарыш сөзгө да чыгып сөз сүйлөшү мүмкүн. Булардын бардыгы окурмандын көркөм адабиятка болгон шыгын арттырып, чыгарманын мазмунун, идеясын ача билүүгө аны үйрөтөт. Ошондуктан, окурман үчүн конференция өтө пайдалуу. Ага дайыма активдүү катышуу керек.

Адабияттык кечелер жазуучунун чыгармачылыгы боюнча көбүнчө юбилейлик күнү өткөн учурларда өт-

көрүлүп жүрөт. Мисалы, белгилүү жазуучу Шүкүрбек Бейшеналиевдин 50 жылдыгына арналып китепканаларда өткөрүлгөн адабияттык кечелерди айтсак болот. Анда Шүкүрбек Бейшеналиевдин бүткүл чыгармачылык жолуна толук анализ берилет. Анализ негизинен жазуучунун 50 жылдыгына карата жасалган докладда чагылдырылат. Кечении көркөм бөлүгү болушу мүмкүн. Анда жазуучунун сөзүнө жазылган ырлар ырдалып, кээ бир аңгемелеринен же повесттеринен эпизоддор ойнолот. Викторина өткөрүлүп калышы да ыктымал. Викторинада жазуучунун чыгармалары боюнча бир канча суроолор түзүлөт да, ал суроолорго жоопторду викторина оюнуна катышкандар табышат. Мындай массалык иштер окурмандарга жазуучунун чыгармаларынын мазмунун, идеясын түшүнүүгө чоң жардам көрсөтөт. Бул иштерге да окурмандын катышып туруусу мына ошон үчүн керек.

Суроо-жооп кечелери да китепканада өткөрүлөт. Ал негизинен белгилүү бир географиялык аймактын мазмунун кеңири ачуу учурунда колдонулуп жүрөт. Мисалы, Кыргызстандын экономикасынын, маданиятынын жана адабиятынын бардык жагынан жетишкендиктерин чагылдырган «Кыргызстан—өз жерим» же «Кыргызстанды билесиңерби» деген темада суроо-жооп кечесин өткөрүүгө болот.

Бул үчүн Кыргызстандын тарыхына көз чаптырып, ал боюнча бир канча суроолорду түзүү керек. Ушул сыяктуу эле географиялык түзүлүшү, Кыргызстанга Совет бийлигинин орношу, экономикасынын өсүшү, кен байлыктарынын запасы ж. у. с. республиканын бардык жагдайын камтыган суроолорду түзүп, андан кийин боло турган суроо-жооп кече жөнүндө кулактандыруу жарыяланат. Кулактандырууда кечеде бериле турган суроолор кошо жазылып коюлат. Анткени окурмандар кечеге ошол суроолор боюнча даярданышып, китепканадан тийиштүү адабияттарды сурап алып окушат.

Кечеге даярдануууда китепканачы тарабынан окурмандарга жакшы жардам көрсөтүлөт. Анткени суроого жооп берүүчү адабияттарды китепканачы алдын ала билет. Ошондуктан ар бир окурман китепканачынын көрсөткөн жардамынан мүмкүн болушунча пайдалануусу керек.

Кыргызстан жөнүндөгү кечеде негизги суроолордун бири болуп «Кыргызстандын Эл жазуучулары жана Эл

акындары кимдер жана алардын ар биринин кеңири белгилүү эки-үч чыгармасын атап бергин?» деген суроо берилсе китепканачысыз туура жооп табуу кыйын болот. Же «Кыргызстандын Эл артисти» деген наамга кимдер татыктуу болгон жана алардын аткарган негизги ролдору» деген суроо болсо да буга туура жооп берүү китепканачысыз кыйын болот.

Суроо-жооп кечелери башка массалык иштерге караганда материалды кеңири камтыгандыгы менен айырмаланып турат. Китепке талкуу өткөрүлсө же окурмандардын конференциясы даярдалып жатса анда негизинен бир же бир нече гана китептер жөнүндө ой-пикир алмашуулар болот. Ал эми, мисалы, Кыргызстан жөнүндөгү суроо-жооп кече республиканын эл чарбасынын бардык жагынан жетишкендиктерин, маданияты менен адабиятынын гүлдөп өскөндүгүн, өткөндөгү тарыхын, географиясын бардык жагынан ичине камтып, окурманга белгилүү бир территориялык аймак боюнча толук түшүнүк берет.

Суроо-жооп кечесинин суроолоруна жооп берүүдө группаларга же класстарга бөлүнүп алып, мелдеш катары өткөрсө кызыктуу болот. Анда суроого кайсы группа (класс) туура жана көп жооп берсе ошол тарап утканы болот. Жооптун кимдин туура жана көп тапкандыгын атайын комиссия же китепканачы белгилей алат. Китепкана тарабынан уткан группага баалуу сыйлык ыйгарылып калышы ыктымал.

КИТЕПКАНАНЫН АБОНЕМЕНТИ

Китепканадагы китептердин 70—80 проценти абонементте топтоштурулган. Ал китептер илимдин тармактары боюнча бөлүнүп системалык-алфавиттик түрдө жайгаштырылган (б. а. китептер адегенде илимдин тармактары боюнча бөлүнүп, андан кийин анын ичи алфавиттик тартипте авторлордун жана китептин аталыштарынын алфавиттик тартиби боюнча жайгаштырылган).

Абонемент — китептерди китепканадан 10—15 күндүк мөөнөт менен үйгө алып окуучу жана окуп бүткөн китептерди китепканага кайрадан өткөрүүчү жай.

Абонементте китептерди эркин тандоонун полкасы да уюштурулат. Анда адабияттар түрдүү темада топтоштурулуп жайгаштырылат. Темалар боюнча жайгаштырылган адабияттардын жанында темага ылайыктуу болгон сунуш кылынган тизмелердин кошо илинип коюлушу талапка ылайыктуу. Тематикалык полкалардан китеп тандап алууда сунуш кылынган тизмелердин зор мааниси бар. Анткени андан тема боюнча кандай китептерди мурда окуу керектиги жана кандай китептер ушул китепканада бар экендиги көрсөтүлгөн.

Абонементтен системалык каталог да орун алган. Китеп тандап алууда, өзгөчө илимдин түрдүү тармактары боюнча китептерди тандаганда ал маанилүү роль ойнойт. Системалык каталог аркылуу илимдин тигил же бул тармактары боюнча китепканада кандай жана канча китеп бар экендигин билүүгө болот. Каталогдогу карточкаларда китептин автору жана китептин аталыштары аркылуу чагылдырылган адабияттар белгилүү бир система боюнча бөлүмдөргө бөлүнүп жайгаштырылат. Каталогдун ар бир бөлүмүнүн ортосу бөлгүчтөр менен ажыратылат. Аларда тиешелүү бөлүмдөрдүн аталыштары жана индекстери жазылып коюлат. Өзүнө керектүү болгон китеп илимдин кайсыл тармагына тиешелүү экенин билсең, анда ал китепти системалык каталогдун тиешелүү бөлүмүнөн карап көргүнүң. Издеген китебиң китепканада бар болсо, анда аны системалык каталогдон таап аласың да, анын карточкасында берилген маалыматтарды (индекстерин, авторун, китептин аталышын, чыккан жерин жана жылын) башка актай карточкага көчүрө коюп, китепканачыга бере коёсуң. Китепканачы ал китепти сен жазып берген маалыматтар аркылуу илимдин тармактары боюнча жайгаштырылган китеп фондусунан карап, таап туруп сага алып келип берет. Анткени китеп фондусу илимдин тармактары боюнча жайгаштырылат деп эскерткен элек.

Китептин авторун, аталышын билген учурда алфавиттик каталогго кайрылсаң, систематык каталогго караганда тезирээк табасың. Анткени, анда китепканадагы бардык китептерге жазылган карточкалар авторлордун жана китептин аталыштарынын алфавиттик тартиби боюнча жайгаштырылган. Алфавитти болсо, өзүң деле жакшы билишиң ыктымал.

Айтмакчы, абонементте да окуу залы сыяктуу эле

атайын күндөлүк иште жүргүзүү үчүн жана ар түрдүү суроолору менен келүүчү окурмандарды күтүп китепканачы отурат. Ал, сенин кандай китептерди окушуңа жекече кеңеш берет, биринчи иретте кайсы китептерди окуш керектигин айтып берип, китептердин кыскача тизмесин сунуш кылат. Аны «окуу планы» деп коёт. Ал план сени менен жекече гана аңгемелешкенден кийин, сенин өзүң үчүн түзүлөт. Мындан башка да сунуш кылынган түрдүү тизмелер, көрсөткүчтөр менен тааныштырат. Андагы китептерди окусаң билүү деңгээлиңдин чөйрөсү кеңеет. Билүү чөйрөң кеңейген сайын билим деңгээлиң жогорулайт. Ал ар бир мектеп окуучусу үчүн керек. Ошондуктан абонементтен китеп алып окуганда оюңа кандай гана суроо келбесин, же турмуштагы түшүнүксүз болгон бардык нерсеңди китепканачыдан сура. Ал сенин суроонду күтөт, өзүндө болгон бардык маалыматтар менен сага жооп берүүгө, түшүнүксүз суроонду чечүүгө дайым даяр. Кана эмесе, анда абонементке келе бер!

ОКУРМАНДАР ҮЧҮН УЮШТУРУЛГАН КИТЕП КӨРГӨЗМӨЛӨР ЖАНА ПЛАКАТТАР

Китепкананын абонементинде, окуу залында же вестибюлде окурмандар үчүн атайын китеп көргөзмөлөрү уюштурулат.

Абонементте уюштурулган китеп көргөзмөлөрү көбүнчө китепканага жаңы келген китептер менен окурмандарды тааныштырат. Ал көргөзмөнү «Жаңы китептер» деп жөнөкөй эле аташат. Окурмандарга көргөзмөдөн китеп тандап алуу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр түзүлөт. Анткени бул көргөзмөдө китепканага жаңы келген бардык китептерден бир нускадан (аталышынан) коюлат да, алар эл чарбасынын, илимдин, техниканын түрдүү тармактарын өз ичине камтыйт.

Абонементке кайсы күнү же кайсы жумада жаңы китептер келерин окурмандар китепканачыдан сурап билип алса болот. Кийинки учурларда китепканага жаңы келген китептердин тизмеси «Жаңы китептер» деген көргөзмөнүн өзүндө да илинип жүрөт. Китепканага өз

учурунда келе албай калган окурмандар ал тизмени карап көрүп, кандай керектүү же кызыктуу китептердин келгендигин биле алат.

Китепкананын окуу залына кирген ар бир окурман анда уюштурулуп коюлган тематикалуу китеп сүрөт көргөзмөлөрүн дайыма байкап жүргөндүр. Мындай тематикалуу китеп сүрөт көргөзмөлөрү белгилүү бир юбилейлик датаны же учурдагы эң актуалдуу окуяны окурмандардын кеңири массасына кабарлоо үчүн уюштурулат. Мисалы, китепканада уюштурулган китеп көргөзмө Кыргыз ССРинин Эл жазуучусу, Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты жана Токтогул атындагы сыйлыктын лауреаты, Социалисттик Эмгектин Баатыры Чыңгыз Айтматовдун туулганынын 50 жылдыгына арналган.

Чыңгыз Айтматовдун бардык чыгармаларына: кыргыз, орус, СССР элдеринин тилдеринде жана ошондой эле чет мамлекетте басылган чыгармаларына да кеңири орун берилген. Окурман китеп көргөзмөдөгү китептерди карап көрүү менен өзүнө кызыктуусун тандап алат.

Китепканада уюштурулган китеп көргөзмөсүнүн бири КПССтин XXV съездине арналган. Анда коммунисттик партиябыздын коммунизмдин материалдык-техникалык базасын куруудагы жетекчилик ролу, 10-беш жылдыктын арымдуу кадамдары кеңири чагылдырылган.

Мындан да окурман өзүнө керектүү болгон китептерди, ошондой эле кээ бир керектүү цифраларды, фактыларды китепканачынын жардамы менен таап алат. Китепканага келгенде дайыма анын жасалгаланышына көз жүгүртүп, өткөндөгү келгенден кайсыл жактары менен айырмаланып калгандыгын, б. а. кандай жаңы китеп көргөзмөлөрү, плакаттар уюшулгандыгына, кандай журналдардын жаңы номерлери, энциклопедиялар, справочниктер, сөздүктөр менен толукталгандыгын билүү талапка ылайыктуу.

Китепканалык плакаттарды да китепкана дайыма окурмандарга кандайдыр бир окуяны алдын ала кабарлоо үчүн уюштурат. Кээде плакаттар кандайдыр бир теманын мазмунун ачууга карата уюштурулуп темага түздөн-түз тиешеси бар китептердин макеттерин чагылдырса, кээде китепканада өткөрүлө турган талкууга же

адабияттык кечеге карата уюштурулуп, анын негизги мазмунун окурмандарга кулактандыруу, кабарлоо, маалымдоо милдетин аткарат.

Ошентип, плакаттар китеп тандап алууда гана окурмандарга жардам бербестен, китепканада өткөрүлө турган кандайдыр бир ири массалык иштерди окурмандарга кабарлап информациялык милдетти аткарат.

Ошентип, жыйынтыктап айтканда бүгүнкү күндө кайсы гана китепканага кирбегин, андан эң сонун уюштурулган ар түрдүү темадагы китеп көргөзмөлөрүн көрүүгө болот. Бул китеп көргөзмөлөрүнөн китепканага келген бардык окурмандар сыяктуу эле, окурман боло электер да пайдалана алууга толук мүмкүнчүлүгү бар. Анткени, китеп көргөзмөлөрү китепканага келгендердин бардыгы үчүн уюштурулат. Китепканага биринчи жолу келип, китеп тандап алган кишиге китепканачы китепкананын иштөө шарты, жол-жобосун түшүндүрөт да, ага окурмандык формуляр ачып, тандап алган китебин жазып берет.

Китеп көргөзмөлөрү көбүнчө эң актуалдуу маселелерге, окумуштуулардын же белгилүү жазуучулардын юбилейлик күндөрүнө карата жана ошондой эле белгилүү бир темалар боюнча да уюштурулуп жүрөт.

Ал эми китепканага жаңы келген адабияттардын көргөзмөсү — «Жаңы китептер» деп аталат жана китепканага келип учётко алынган күндөн баштап дайыма уюштурулат. Ал китеп көргөзмө китепканага жаңы китептер кайрадан келгенге чейин турат; окурмандар китеп көргөзмөсүндөгү китептерден сурап калса, анда аны окурмандык формулярына жазып берет.

Китеп көргөзмөлөрүнүн жана плакаттардын жанында окурмандарга кабарлоо үчүн дайыма китеп боюнча аңгемелер жана обзорлор өткөрүлүп турат. Бул сыяктуу аңгемелерден жана обзорлордон дайыма пайдалануу керек.

Кыскартып айтканда, китепканага киргенде анда уюштурулган бардык түрдөгү китеп көргөзмөлөрүнө жана плакаттарга жакшы көңүл бөлүп карап чыгуу керек экендигин ар биринердин билишиңер керек. Китеп көргөзмөсүндө тийиштүү темага ылайыктуу болгон бардык китептерди жайгаштырууга мүмкүнчүлүк болбогондуктан, анын аягында бул тема боюнча дагы кандай китептерди окууга боло тургандыгы жөнүндө атайын

кошумча тизме сунуш кылынган адабияттык көрсөткүчтөр берилет.

АР ТҮРДҮҮ МААЛЫМАТТАРДЫ БЕРҮҮЧҮ КИТЕПТЕР

(Адабияттар).

Бул — ар түрдүү мүнөздөгү илимий маалыматтарды алууга ылайыкташтырылган китептер. Окурман ал китептерди башынан аягына чейин окуп чыкпайт, анын керектүү гана жерин тандап окуйт. Алардын мазмунунун темаларга байлыгы, ар бир суроо боюнча маалыматтардын толуктугу, керектүү материалдарды бат издеп таап алуу үчүн жайгаштыруунун дурус ыкмалары мүнөздүү. Ар түрдүү маалыматтарды берүүчү адабияттардын көпчүлүгүнүн негизин маалымат берүүчү статьялар түзөт. Анын мазмуну, көлөмү, формасы жана сөздүк же системалык болуп түзүлүшү маалымат берүүчү китептин түрү менен аныкталат. Илимий информациянын документтериндеги топтоо, кайра иштөө, сактоо, издөө иштери жана сакталган илимий информацияларды жайылтууга караганда маалымат берүүчү адабияттар информациялык булактардын авторитеттүү жана традициялуу түрлөрүнүн өтө маанилүү функцияларын аткарат. Маалымат берүүчү адабияттар мазмуну жана формасы боюнча ар түрдүү болуп: тармактык справочниктер жана универсалдуу китептер, ошондой эле комплекстүү проблемалар же проблемалардын циклдерин чагылдыргандар деп да бөлүнөт. Маалымат берүүчү адабияттар мазмуну жана көлөмү боюнча өтө ар түрдүү системалаштырылган көп томдуу энциклопедиядан информациялык мүнөздөгү эң кичине эскерткичтерге чейин камтыйт. Көпчүлүк справочниктер бир жолу гана басылуучу же мезгилдүү эмес китептердин түрүнө кирет: мезгилдүү китептер; энциклопедиялык бир жылдыктар, статистикалык бир жылдыктар. Шартка жараша маалымат берүүчү адабияттарды бир канча негизги түрлөргө бөлүүгө болот. Алар энциклопедиялар (универсалдуу жана тармактык), энциклопедиялык сөздүктөр, лингвистикалык жана термин сөздүктөр, жалпы мүнөздөгү справочниктер (саясий, географиялык, статистикалык

ж. б.), ар түрдүү справкалык-информациялык адабияттар (басма каталогдору, көрсөткүчтөр ж. б.). Маалымат берүүчү адабияттарга ар түрдүү кесиптеги кызматчылар үчүн өндүрүштүк справочниктер да кирет. Алар аталышы жагынан жана ар түрдүү справкалык-информациялык маалыматтары боюнча басымдуулук кылат; ал эми нускасы жана көлөмү жагынан энциклопедиялык китептер, жалпы мүнөздөгү справочниктер, сөздүктөр басымдуулук кылат. Мисалы БСЭ 3-басылышы 630 мин нускадан турат. 1974-жылы СССРде 111 жалпы мүнөздөгү справочник жана энциклопедия, 150 сөздүк чыккан. Маалымат берүүчү адабияттар — адабияттардын бирден бир перспективалуу түрлөрүнөн болуп эсептелет. Анткени өлкөбүздө жыл сайын илимий информациянын тематикасы, мазмуну, көлөмү өсүп бара жатат. Эл аралык экономикалык, илимий жана маданий байланыштардын кенейиши менен эл аралык универсалдуу справкалык китептер да көп чыга баштады.

Ошентип, маалымат берүүчү адабияттар — бул керек болгон учурда илимий, прикладдык же информациялык мүнөздөгү маалыматтарды тезирээк билип алууга боло турган чыгармалар. Маалымат берүүчү адабияттар жетекчи материалдардан, маалымат берүүчү басылыштардан жана библиографиялык куралдардан турат.

Жетекчи материалдарга марксизм-ленинизмдин негиз салуучуларынын, ошондой эле КПССтин көрүнүктүү ишмерлеринин толук жана тандалган чыгармалары, тематикалык жыйнактары; КПССтин жана ВЛКСМдын съезддеринин жана пленумдарынын резолюциялары кирет.

Маалымат берүүчү китептерге бардык түрдөгү энциклопедияларды, сөздүктөрдү, справочниктерди, энциклопедиялык мүнөздөгү жыйнактарды, атластарды, календарларды, глобустарды, карталарды кошууга болот.

Библиографиялык куралдарга илимдин түрдүү тармактарын камтыган жалпы библиография, тематикалык жана атайын тармактык библиографиялар, сунуш кылынган библиографиялар, мамлекеттик эсептөө библиографиянын түрлөрү кирет.

Мына ушул жогоруда айтылган темадагы китептерсиз китепканада справкалык-библиографиялык иштерди аткаруу мүмкүн эмес. Ошондуктан биринчи эле иретте китепканада маалымат берүүчү адабияттардын тобу бө-

лүнүп коюлат. Бул китептер мүмкүн бир жерде чогуу туруусу же илимдин тармактары боюнча да жайгаштырылышы мүмкүн. Булардан пайдалануу үчүн ар бир окурман өзүнө түшүнүксүз болгон суроонун илимдин кайсыл тармагына: тарыхка, же географияга, же айыл чарбага, же астрономияга ж. б. кирээрин анык билсе, ал суроого жооп кайсыл справочникте же энциклопедияда экендигин аныктай алат жана китепканачынын жардамысыз эле андан өзү пайдалануу мүмкүн.

БИОГРАФИЯБЫ же БИБЛИОГРАФИЯБЫ?

Китепканага келген бир бала «библиография» деп айтайын деген экен. Бирок анын оозунан «биография» деген сөз чыгып кетти. Ошондуктан, мен да, көпчүлүгүнөр ошол баладай жаңылып жүрбөсүн деп «Биографиябы же библиографиябы» деген баяндаманы жаздым. Биография өмүр жөнүндөгү баяндама экенин сен жакшы билесиң. Ал эми «библиография» деген эмне? Бул сөздү уккан болушуң керек, бирок ал сөздүн маанисине кандай түшүнөрүңдү билбеймин. Анда «библиография» деген сөз биринчи жолу байыркы Грецияда пайда болуп, адегенде «китеп жазуу» («библион» — «китеп», «графо» — «жазам») дегенди билдирген.

Китеп басып чыгаруу иши пайда болгонго чейин эле, XV кылымда китептер кол жазма менен жазылып, андан кийин аны бир канча нускада көчүрүп жазышып жүрүшкөн. Мына ошол көчүрүп жазууларды байыркы Грецияда «библиографтар» деп атаган.

Кийинчерээк «библиография» деген сөз китеп жазуу дегенди, же китептерди баяндап жазуу дегенди гана түшүндүрбөстөн, адабияттардын көрсөткүчүн түзүү деген мааниде түшүндүрүлө баштаган.

Дүйнөдөгү биринчи библиограф байыркы Грециянын окумуштуусу жана акыны Каллимах болгон. Ал биздин эрага чейинки 310—240-жылдарда (болжол менен) жашаган. Анын түзгөн «Билимдүүлүктүн бардык тармагында жана чыгармаларында даңкталуучу таблицасы» грек адабиятынын гана биринчи библиографиясы болбостон, дүйнөдөгү биринчи библиография болгон.

Кылым өткөн сайын библиографиялык иштер жөнүндөгү түшүнүктөр бүгүнкүдөй бир мааниде айтылбас-

тан: «китепкана», «көрсөткүч», «каталог», «таблица», «репертуар» деген мааниде айтылып келе берген.

«Библиография» деген сөз термин катары биринчи жолу XVII кылымдын экинчи жарымындагы библиографиялык эмгектерде колдонулган.

Ошентип, «библиография» деген термин: «биография» — өмүр баянды жазуу, «география» — жерди жазуу сыяктуу эле «китептерди баяндап жазуу» дегенди билдирет. Ошентип, биздин турмушубузда библиография китептерди гана баяндап жазбастан, бардык басма чыгармаларын, башкача айтканда бардык басылып чыккан материалдарды: ар бир китепти, нотаны, географиялык карталарды, газета жана журнал беттериндеги макалаларды баяндап жазууну камтыйт.

Библиография жаңы илим, жогорку жана орто атайын окуу жайларында окутулат. Ал бүгүнкү күндө үч негизги багытта жана ошол эле үч багыттагы үч түрдө өнүгүп жатат. Алардын биринчиси — басма чыгармасын же басылышты (өзгөчө жаңыларын) кабарласа, экинчиси — эмнелерди окуу керектигин сунуш кылат, үчүнчүсү — басылып чыккан материалдардын кайсылары мыкты, кайсылары начар экенине сын берет. Библиографиянын бул үч багытта өнүгүүсүнүн өзүнчө тарыхы бар. Албетте алардын баарына бул жерде токтолууга мүмкүнчүлүк жок. Алардын тарыхы жөнүндө орус тилинде басылган бир топ материалдарды табууга болот.

Библиографиянын милдети — китептер менен макалаларды үстүртөдөн гана баяндап жазуу менен чектелбестен, ал басма сөз чыгармаларынын мазмуну менен тааныштырат, китептин (чыгарманын) идеялык, илимий жана практикалык маанисин ачып берет. Ошону менен бирге эң мыкты чыгармаларды окуу үчүн сунуш кылып окурмандын жан-дүйнө байлыгынын жана илимий жактан таанып билүүсүнүн өсүп-өнүгүшүнө чоң жардам көрсөтөт.

Библиографияны билсең — издеген китебиңди же темаңа байланыштуу болгон бардык материалдарды тезирээк табууга мүмкүнчүлүк болот. Анткени библиография бардык жана ар түрдүү библиографиялык көрсөткүчтөрдүн, каталогдордун жана картотекалардын тутумун бириктирип турат.

Ошондуктан ар бир окурмандын биринчи милдети китепканада кандай справкалык жана библиография-

лык фонд (китептер), кандай каталог жана картотекалардын тармактары бар экендигин билип, аларды пайдалануунун ыкмаларын үйрөнүү керек. Булар жөнүндө биз жогоруда токтолуп өттүк жана кийинки темаларда да сөз болмокчу.

КАТӨЛӨГБҮ ЖЕ КАТАЛОГБУ?

Аскерлер ысык тамак куюп ала турган кичинекей калай чаканы — котелок дээрин жана аны тили келбегендер «катөлөк» деп жүрүшкөнүн да билебиз. Бирок биз сөз кыла турган нерсе такыр башка — ал КАТАЛОГ. Тили келбегендер же шашып калгандар каталогду да «катөлөк»—деп жибергенин учураткан учурлар болду.

Каталог да байыркы Грецияда пайда болгон жана «тизме» деген маанини түшүндүрөт. Ал китепканаларда түзүлөт жана китептердин тизмесин атайын даярдалган карточкалар (алар басмадан басылып чыккан түрүндө жана кол менен, же машинка менен жазылган түрүндө болот) аркылуу бир жерге тиешелүү системада топтойт. Китепканаларда алардын кеңири таралган түрлөрү: алфавиттик жана системалык каталогдор бар. Бул каталогдор эмне үчүн керек? Мурда ошол жөнүндө бир-эки ооз сөз айталы. Китепканада 10 же 15 миң китеп болсо, ар бир китеп кайсыл жерден турганын билүү канчалык кыйын экенин көз алдыңарга элестетип көргүлөчү. Силердин бир-экөөңөр китеп сурап келген болсоңор, китептин авторун жана аталышын айтсаңар, ошончо 10—15 миң китептин баарын китепканачы кантип карап чыгат. Силердин сурап келген китебиңерди табуу үчүн өтө көп убакыт кетмек. Бул белгилүү да.

Ошондуктан, биринчиден окурман сурап келген китепти тез арада табуу үчүн алфавиттик жана системалык каталогдор түзүлөт.

Алфавиттик каталогдо китепканадагы болгон бардык китептерге жазылган карточкалар алфавиттик тартипте коюлат, башкача айтканда, ар бир китептин автору жана аталышы боюнча, эгерде китептин автору көрсөтүлбөсө, анда китептин аталышына алфавиттик тартиби боюнча коюлат. Китепке жазылган карточкалар атайын жыгач ящикчелерде алфавиттик тартипте жайгаштырылат. Китепти карточкага жазуунун өзүнчө атайын жол-жобо-

су бар. Ал жөнүндө кийинчерээк ыгы келген жерде түшүндүрүлөт.

Биз азыр алфавиттик каталогдо китептерге жазылган карточкалар кандай жайгаштырылганын төмөнкү келтирилген мисалдардан толук түшүнүп алалы.

С
Б

Бейшеналиев Ш.

Ак тайлак. (Аңгеме). Сүрөттөрүн тарткан Б. Алыгулов. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1956. 35 бет. (Кенже балдар үчүн).

С
Ж

Жангазиев М.

Ажырагыс достор. (Повесть). Сүрөттөрү Н. Ф. Ефремовдуку. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1953. 274 бет. (Тестиер жана өспүрүм балдар үчүн).

С
ЛЗО

Лацис В.

Бала барчын. (Аңгемелер). Которгон С. Ишенов. Фрунзе, «Мектеп», 1977. 48 бет. Сүрөттөрү бар. (Кенже балдар үчүн).

6П7
М21

Мальт В.

Айнектин тарыхы. (Аңгеме). Которгон С. Ишенов. Фрунзе, «Мектеп», 1975. 72 бет. Сүрөттөрү бар. (Кенже балдар үчүн).

Р2
П43

Погодин Р.

Тамаша. (Аңгеме). Которгон. С. Ишенов. Фрунзе, «Мектеп», 1978. 18 бет. Сүрөттөрү бар. (Бөбөктөр жана мектеп жашындагы кенже балдар үчүн).

Мына бул китеп жазылган беш карточканын кайсынысы биринчи, кайсынысы экинчи, кайсынысы үчүнчү, кайсынысы төртүнчү жана кайсы карточка бешинчи болуп орун алаарын карап көргүлө.

Албетте, Ш. Бейшеналиевдин «Ак тайлак» аңгемесине жазылган карточка биринчи болуп коюлат. Экинчи болуп М. Жангазиевдин «Ажырагыс достор» повестине жазылган карточка, үчүнчү болуп В. Лацистин «Бала барчын» аңгемелер жыйнагы, төртүнчү болуп В. Малттын «Айнектин тарыхы» аттуу аңгемесине жазылган карточка жана акыркы болуп Р. Погодиндин «Тамаша» деген аңгемесине жазылган карточка коюлат.

Байкагылачы — баары алфавиттик тартип боюнча орун алды. Китепканадагы болгон бардык китептерге аталыштары боюнча карточкалар жазылат жана алфавиттик каталогдо азыркы мында көрсөтүлгөндөй авторлордун алфавиттик тартибинде, автору болбосо китептин аталышы боюнча авторлордун катарында эле жайгаштырылат. Мына ошондуктан бул каталог алфавиттик деп аталып калган. Ошентип, бул каталогдон бизге керектүү болгон китептин авторун жана аталышын билгенде аны оной эле таап алууга болот.

СИСТЕМАЛЫК КАТАЛОГ. Системалык каталогдо китептерге жазылган карточкалар ошол китептердин мазмундарына жарыша системага бөлүнүштүрүлүп жайгаштырылат.

ТЕМАТИКАЛЫК КАРТОТЕКАЛАР

Китепканалардын турмушунда мындай картотекалар көп уюштурулуп жүрөт. Газеталарда же журналдарда чагылдырылган статьялар, же ар түрдүү жыйнактарда жарык көргөн макалалар ар бир тема боюнча ылайыкталып бөлүнүштүрүлүп, анан алар ар бир тематикалык картотекада алфавиттик тартипте жайгаштырылат. Көбүнчө тематикалык картотекалар актуалдуу темага, же белгилүү датага карата уюштурулат.

Мектеп окуучуларын күндөлүк турмушта болуп жаткан окуялар же мектепте өтүлгөн сабактар, пионердик, комсомолдук уюмдарда болгон жолугушуулар кызыктырат. Советтик патриотизм, социалисттик интернационализм, эмгекке жана коомдук менчикке коммунисттик мамиле кылуу, тап күрөшү, совет элинин революциялык

традициялары, биздин Улуу партиябыздын басып өткөн жолу ж. б. толуп жаткан маалыматтар жөнүндө ушул тематикалык картотекаларды пайдаланып билүүгө болот.

Китепканалардан төмөндөгүдөй тематикалык картотекалардан өзүнө керектүү болгон материалдарды билип алууга мүмкүнчүлүгүң бар. «Сенин бактың үчүн күрөшкөндөр», «Советтик жаштардын моралдык жүрүш-турушу», «Тынчтык жана эркиндик үчүн», «Өз крайыңды сүй жана үйрөн», «Биздин майрамдар», «Илим динди ашкерелейт», «10-беш жылдыктын маяктары», «Жаш малчылар», «Чебер колдор», «Улуу художниктер», «Жаш музыканттар», ж. б.

Китепканачы сага тематикалык картотека деген эмне, андан кантип пайдалануу боло тургандыгы жөнүндө айтып берет.

КИТЕПТИ ЭРКИН ТАНДАП АЛУУ ТЕКЧЕЛЕРИ

Бул текчелерден көбүнчө китепканадан китеп алып окугандын жөн-жайын жакшы билгендер пайдаланышат. Текчелердеги адабияттар темалар боюнча жайгаштырылат. Китепканага жаңы келгендер үчүн китепканачы эркин тандап алуу полкаларынан кантип пайдалануунун ыктарын түшүндүрүп берет. Анда кандай мазмундагы адабияттар коюлаарын, бул жерде коюлган адабияттар айына канча жолу жана качан башка китептер менен алмаштырыла тургандыгын китепканачы окурмандардын эсине салып турат.

Тестнер жана өспүрүм балдар үчүн китепканаларда төмөндөгүдөй темаларда китептерди эркин тандап алуу текчелери уюштурулуп жүрөт. «В. И. Ленин», «Эң жакшы адамдардын турмушу», «Советтердин бийлиги үчүн», «Пионер — сенин тарыхың», «Биз жана биздин Армия», «Деңиз жана моряктар», «Бир тууган өлкөдө», «Советтик балдар», «Чет өлкөлөрдөгү балдардын турмушу», «Биздин өлкөнүн өткөн күндөрүнөн», «Сенин китебиңди жазгандар жөнүндө», «Сонундар дүйнөсү», «Жаныбарлар дүйнөсү», «Илим жана техника», «Өзүң жасап ал», «Саякат жана укмуштуу окуялар», «Жаш ленинчилер», «Биздин Ильич», «Асмандагы турмуш», «Кушгар жана айбандар жөнүндө», «Акыл дүйнөсүнө саякат», «Келе-

чек жөнүндө ойлор», «Лениндик комсомол», «Мезгил жана адамдар», «Поэзия — менин мекеним», «Сулуулуктун закону боюнча», «Өз крайыңды билесиңби», «Кайраттуулук жөнөт», «Орус классиктери—балдарга», «Чет өлкөлөрдүн жазуучулары — балдарга».

Бул темалардагы китептерди эркин тандап алуу текчелери албетте, силерге жакшы жардам бере алат. Алардан бул китепти колуңа алып карагың келсе, ал китептин ордуна картон кагаздан кесилип даярдалган атайын калакчаны коё турушуң керек. Эгерде китеп көңүлүңө анча жага бербей калса, антпесең аны кайра баягы турган ордуна коё албайсың. Китепти өзүнүн ордунан башка жерге коюуга да болбойт. Анткени, аны башка окурман издеп таппай калат.

Жогоруда атап өткөндөн башка темаларда да китептерди эркин тандап алуу текчелери уюштурулат. Ал китепканачылардын ойлоп табуучулугуна жана чыгармачылыгына байланыштуу болот. Китептердин эркин тандап алуу текчелеринен пайдалануунун ыктарын билгиле жана андан ар дайым китеп тандап алып тургула. Анда, көбүнчө кийинки жылдары жарык көргөн адабияттар коюлат.

КӨЧМӨ КИТЕПКАНА

Шаардын же алыскы бир кыштоолордо эмгектенгендердин, жашап тургандардын китепканадан пайдалануусун жеңилдетүү үчүн атайын китептер ай сайын белгилүү бир өлчөмдө негизги китепканадан бөлүнүп берилип турат жана берилген китептер өз маалы менен кайрадан алынат. Ушул китептердин тобу көчмө китепкана болуп эсептелет.

Көчмө китепканалардан жайкы каникул мезгилинде балдар да толук пайдаланса болот. Анткени пионер лагеринде жана алыскы мал жайыттарында көчмө китепканалар иштеп турат.

Көчмө китепкананын ишин негизги китепканадан атайын дайындалган китепканачы же коомчулук тарабынан бөлүнгөн киши алып барат. Көчмө китепканадан пайдалануу учурунда өзүнө керектүү болгон бардык китептерге заказ берүүгө да болот. Ал китептерди окуп

бүткөндөн кийин кайрадан көчмө китепканачыга өткөрүп бересиң.

Кийинки жылдары китепканадан алыс турган жерлер библиобустар аркылуу тейлене баштады. Библиобустар: шаарларда — шаардын борбордук китепканасынан, райондордо — райондун борбордук китепканасынан өз китеп фондуларын толуктап турушат. Алардан да түрдүү жана кызыктуу китептерди алып окууга кеңири мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн.

КИТЕПКАНАЧЫ

Китепканага жаңы келген күнүндөн баштап китепканачы сенин китеп окууң жөнүндө кам көрөт. Сени китепканага жазат, б. а. сага окурмандык формуляр ачат. Ал формулярга сенин окуу үчүн тандап алган китебинди жазып берет. Китепкананын иши, китептер дүйнөсү жана сени кызыктыра турган түрдүү суроолор жөнүндө айтып бере алат.

Ал сенин оюндагы бардык суроолорунду көңүл коюп угат жана ал суроолоруна жоопту таап берүү үчүн барлык убакытын жумшайт. Акыры суроолоруңа жооп берүүчү адабияттарды да таап берет, ал китептерди окуганда түшүнүксүз болгон жерлерин жакшы түшүнүшүңө көмөктөшөт.

Окурмандар арасында түрдүү кызыктуу массалык иштерди өткөрөт.

Анын негизги жумушу — окурмандарды мүмкүн болушунча жакшылап тейлөө болуп эсептелет. Ошондуктан, ал күн сайын тийиштүү даярдыктар менен отуруп силерди кабыл алат. Силердин суроолоруңарго жооп бере турган маалымат берүүчү адабияттар жана справкалык-библиографиялык аппарат анын кол алдында турат жана андан пайдалануу жакшы билет.

Кыскасын айтканда, ал китепкананын бардык жумушун башкарат, силердин китеп окууларга жетекчилик кылат. Аны менен достук мамиледе бол, оюңду андан эч жашырбай ачык айт, дайыма окуганың жөнүндө сүйлөшүүгө аракеттен. Анткени, ал сага дагы башка кызыктуу китептерди сунуш кыла алат, сен үчүн аракеттенет. Ошондуктан Н. К. Крупская «Китепканачы — иштин жан-дүйнөсү» деп бекеринен айткан эмес.

КИТЕПТИ ТАНДАП АЛУУДА ДАГЫ КИМДЕРДЕН ЖАРДАМ АЛУУ ЖАНА ЭМНЕЛЕРДИ ПАЙДАЛАНУУ КЕРЕК.

Китепканага биринчи жолу келип, жаны жазылган учурдан баштап окурман анда иштеген китепканачыларга, өзгөчө тайлөө бөлүмүндө жана библиограф болуп иштегендерге кайрылып, китепканадан эмнелер жөнүндө окуганды каалагандыгын айтып берсе, анын китепке же газета-журналдардын макалаларына болгон суроолору тез аткарылат. Анткени китепканачы окурманга керектүү болгон басма булактарын справкалык-библиографиялык аппараттын жана маалымат берүүчү фонддун жардамы менен бат эле таба коёт.

Эгерде китепканачылар да, библиограф да башка окурмандар менен аңгемелешип, же алардын суроолорына жооп издөө менен колдору бошобой жатса, каталогдордон пайдаланганды бир аз билсең, жана издеген китебиндин же макаланын автору, аталышы белгилүү болсо, анда алфавиттик каталогдон же системалык картотеканын макала тийиштүү боло турган бөлүмүнөн издеп карайсың.

Эгерде китепканага белгилүү бир суроо менен келбей эле, же бир кызыктуу китепти үйгө жаздырып алайын деген сыяктуу ой менен келген болсоң, анда китепкананын окуу залында илимдин түрдүү тармактары боюнча атайын аннотацияланып сунуш кылынган адабияттардын көрсөткүчтөрү турат. Сунуш кылынган бул көрсеткүчтөргө эң мыкты, учурдун талабына жооп бере ала турган гана адабияттардын тизмеси киргизилет. Мына ушул сунуш кылынган тизмелер же көрсөткүчтөр китеп тандап алууна көмөкчү болот.

Китеп тандап алууга китепканада уюштурулган ар түрдүү темадагы альбомдор да жакшы жардам берет. Ал альбомдор китепкананын окурмандары окуган эң мыкты, кызыктуу китептер менен сени тааныштырат. Анда өзүң менен курбалдаш балдар ал китеп жөнүндөгү өзүлөрүнүн ой-пикирлерин жазышып, китептен эмнелерди билгендигин сени менен тең бөлүшөт, окуп чыгууга сунуш кылышат.

Китеп тандап алууда, өзгөчө учурдагы болуп жаткан же боло турган окуялар жөнүндөгү китептерди тандап

алууда китеп көргөзмөсүнүн жана жаңы келген китептердин көргөзмөсүнүн да маанисн чоң.

Китеп тандап алууга тигил же бул класста окугандар үчүн деген сыяктуу тизмелер да жардам көрсөтө алат. Ал бир окурман өзүнө тиешелүү болгон тизмедеги китептерди карап көрүп, андан эң керектүүсүн тандап алса болот.

БАЛДАР КИТЕПКАНАСЫН БИЛЕСИҢЕРБИ?

Ал балдар үчүн ачылат жана уюштурулат. Китепканада негизинен балдар окуп жана түшүнө ала турган гана китептер топтолот; балдар гана тейленет. Ошондуктан «Балдар китепканасы» деп аталып калган. Китепкана дайыма жаңы китептер менен толукталып турат.

Балдар китепканаларынын китеп фондусу универсалдуу. Алар балдардын эң аркыл суроолорун канаттандырууга мүмкүнчүлүк берет. Булар коомдук-саясий китептер, илимдин бардык тармактары боюнча жазылган илимий жана популярдуу китептер, кызыктуу көркөм адабият чыгармалары, ар түрдүү справочниктер, энциклопедиялар, сөздүктөр, журналдар жана газеталар.

Китепкананын окуу залында сенин окушуңду гана күтүп жаңы газеталар жана журналдар жатат. Китепкананын окуу залында сабакка даярдануу да көңүлдөгүдөй ыңгайлуу. Анткени сенин кол алдыңда каалаган китебиң, макалаң, справочнигиң, сөздүгүң бар. Булардын жардамы аркасында бардык сабактарыңды кайталап алууга болот.

Китепкананын текчелеринде китептер эң эле жыш жайгашылган. Анын ар бир текчесиндеги ар бир китептин өзүнчө өмүрү, өзүнчө тарыхы бар.

Эгерде сен балдар китепканасына барып китеп алып окуй элек болсоң, анда бүгүндөн баштап анын окурманы болгунуң.

Мында, бөбөктөр үчүн да атайын бөлүнгөн китептердин тобу бар. Алар «Бөбөктөр үчүн китептер» деп аталып, китепкананын көрүнөө жеринен орун алган. Китепканага аларды ээрчите келсең болот.

Аларга арналган кызыктуу китептердин көпчүлүгү ырлар жана жомоктор. Анткени алар шаңдуу ырларды

жана укмуштуу жомокторду жакшы көрөт. Андай китептер өтө көп.

Китепкананын текчелеринен өзүнө жаккан эң сонун китептерди жана кызыктуу повесттерди тандап алууга болот. Алардын арасында кыргыз жазуучуларыбыздын повесттери, романдары, акындарыбыздын ырлары, кыргыз элинин жомоктору да бар.

Жакшы ырды же кызыктуу жомокту тандап алууга сага китепканачы эжең жардам берет. Ал сени китептер дүйнөсүнүн дагы башка кызыктуу жактары менен да тааныштыра алат. Кээ бир шаңдуу ырлар, кызыктуу жомоктор китепканада балдарга атайын угуза окулат. Фильмоскоп менен түрдүү диафильм жомокторду көрүүгө болот.

Деги китепканада болуунун, анын китептеринен пайдалануунун өзү эле кандай кызыктуу.

Айтмакчы, балдар китепканасы балдарга жана бөбөктөргө арналган бардык газета-журналдарды алуу менен бирге ал газета-журналдардын айлык, жылдык тиркемелери китепканада сакталат. Булардан да силер толук пайдалана аласыңар, жаш окурмандар.

Балдар китепканасы силерди дайыма күтөт жана түшүнбөгөн бардык, бардык суроолоруңарга толук жооп берет. Окуш үчүн эң мыкты китептерди тандап берет, сунуш кылат. Китепти кантип окуунун жол-жобосун, ыкмаларын үйрөтөт. Ошентип, китептер дүйнөсүнө жол баштап барат.

КИТЕП — СЫЙКЫРДУУ ЖОЛДОШ

Китеп адамдын чыныгы досу жана окутуучусу, акылдуу кеңешчиси жана ишеничтүү жардамчысы. Жаш кезибизден тартып китеп биздин талыкпаган жандоочубуз боло баштайт. Биздин бүткүл өмүрүбүз боюнча ал бизге эмгектенүүгө, окууга, ойлоого, эс алууга жардам берет. Китептер бизди билимдүү кылып турмуш тажрыйбаларын үйрөтөт, көз карашыбыздын, мүнөзүбүздүн негизделип түзүлүшүнө жана калыптанышына себепкер болот, кубанычты, сүйүнүчтү, көңүл эргүүнү пайда кылат.

Илгери падышачылык заманда бир баланын тагдырына китеп кандай таасир тийгизгендигин карап көрөлүчү.

Баланын турмушу ушунчалык оор жана аянычтуу болгон. Аны менен жашагандар абдан ачуулуу жана орой адамдар болушкан. Бала таң аткандан күн батканга чейин жаны тынбай алардын кол алдында иштөөчү. Качан гана түн жарымы болуп, кожоюндары кызуу уйкуга киргенде бала китеп окууга киришчү. Бул жөнүндө анын өзүнүн айтканын угуп көрөлүчү:

«Мен турдум, китепти мештин ичинен алып чыктым да терезеге келдим. Түн жарык болуп турган, ай түз эле терезеге тийип турат, бирок китептеги майда тамгалар көзүмө көрүнгөнү жок. Ал эми окугум келгенин айтпа. Текчедеги жез кострюлду алып айдын жарыгын китепке чагылдырдым. Мурдакыдан да караңгы боло түштү».

Албетте, силер, бул баланын Алеша Пешков экенин, анын бала чагында китепти кандай окугандыгын Алексей Максимович Горькийдин «Көрүнгөндүн колунда» деген повестинен окуп билгенсиңер жана унута элексиңер. Ал китепти окуганды өтө жакшы көрө турган.

Бирок, тилекке каршы, кожоюндары анын китеп

окуусуна тыюу салган. Ошондуктан ал үйдүн чатырынан, сарайга, бош мончого жашырынып алып китеп окуур эле. Ал китептен өзүнө дос жана жардамчы тапкан. Китеп ага эң кызыктуу жарык дүйнөнүн босогосун ачып, аны ары карай жетелеген. Мына ошондуктан ал бала ырайымсыз турмуштун запкысынан кыйналып жапа чексе да көңүлү чөккөнү жок.

Горький жогорку окуу жайы гана турсун орто окуу жайын да бүткөн эмес. Жалаң гана талбай окугандыктын жана эмгектенгендиктин натыйжасында ал бирден бир маданияттуу, билимдүү, дүйнөгө белгилүү адам боло алды. Ал өзү жөнүндө: «Мендеги бардык жакшы сапаттар үчүн мен китепке милдеттүүмүн» — деп айткаңы жана анын китепти сыйкырдуу деп эсептегени барып турган чындык.

Тилекке каршы кээ бир мектеп окуучулары окуу китептеринен тышкары китептерди көп окушпайт. Мыкты окуу үчүн бир гана окуу китептеринен пайдалануу жетишпейт, аны үчүн мектеп программасында көрсөтүлгөн класстан тышкары адабияттарды, көбүнчө илимий-фантастикалык адабияттарды окуу керек. Анткени анда окуу китептерине караганда кызыктуу болуп окугунду эле келтирип турат. Аны көп окуу менен сенин сөз байлыгың көбөйөт, түшүнүксүз көп нерселерди билесиң.

Илимий-популярдуу жана фантастикалуу адабияттарды көп окусаң, колуң жөндөмдүү болуп ар түрдүү моделдерди жасай аласың, фотоаппарат менен сүрөттөрдү келиштирип тартасың, электр менен иштөөчү буюмдарды, ал турсун машиналарды да ондой аласың, башкача айтканда ал теорияны практика менен тыгыз байланыштырат. Мына ошондуктан китеп менен бекем достошкула, ал сыйкырдуу жолдош. Китеп менен бекем достошкуң келсе, дагы эле китепканага кел.

ЭРТЕҢ МЕНЕНГЕ ЧЕЙИН...

Бүткүл дүйнө эмгекчилеринин улуу жолбашчысы Владимир Ильич Ленин китеп окуганды мектепке бара элек бала кезинде эле үйрөнгөн жана өтө кызыккан. Кийин В. И. Ленин гимназияда окуп жүргөн кезинде китептин учкул ойлорунан көп пайдаланган. В. И. Ленин

өзүнүн чыгармаларын жазууда жүздөгөн китептерди окуп чыккан жана чыгармачылык менен пайдаланган.

В. И. Ленин Сибирде, Шушенск селосунда сүргүндө жүргөндө, ал жерде китепкана болгон эмес. Бирок В. И. Ленин ошол жерге жакын шаардагы китепканадан китеп алып окуп турган. Күндөрдүн биринде Владимир Ильичке бир китеп абдан керек болуп калат. Китепканадан ал китепти сураса жалгыз гана нуска экен. Аны да ошол учурда окурман пайдаланып, китеп бошобой жатыптыр. Жалгыз китепти китепкананын иш убагында үйгө берүүгө болбойт эмеспи. Ошондо, В. И. Ленин китепкана жабылаарга чейин ал жерде китеп окуп, өзүнүн башка иштерин бүткөрөт да, анан китепкана жабылаарда китепканачыга келип, ошол китепти китепкана эртеси кайра ачылганга чейин үйгө берүүгө сурап алат. Түнү менен китепти окуп чыгып, китепкана эртең менен ачылаар замат өзү макулдашкан убактан кечиктирбей кайра алып келип берген экен.

Китеп менен, китеп окуу менен өмүрлүк достошуу адамдын жашоо турмушундагы эң керектүү, эң маанилүү окуя экендигин В. И. Ленин өз турмушунан жакшы билген жана ар бир кишинин китеп окууга мүмкүнчүлүк алуусу үчүн Совет өкмөтүнүн биринчи күнүнөн баштап дайыма камкордук көргөн.

КИТЕП ОКУГАНДЫ БИЛЕСИҢЕРБИ?

Эгерде биз мектеп окуучуларынан «Китеп окуганды билесинерби?» деп сурай турган болсок, алар, албетте бизди таңгалгандык менен карашат да: «Китеп окуганды кантип билбейли?»— деп жооп беришет. Бирок, китеп окуунун эрежелерин көпчүлүк балдар билишпейт. Китепти башаламан, иретсиз, планысыз, конспектисиз же атайын окуу күндөлүгүсүз окуй беришет.

Кээ бир балдар китептин кызыктуу гана окуяларын кууп окуйт да, автордун жаратылышты, мезгилди, каармандын тигил же бул жактарындагы майда-чүйдө нерселерди сүрөттөгөнүн таштап кете берет. Мындай окуудан эч кандай жакшы жыйынтык болбойт. Ал экиүч эле күндө китептин идеялык мазмунун унутуп коёт. Каармандарды бир биринен ажырата албай калат. Анткени ал китептин кызыктуу гана жерин кууп окуп ав-

тордун айтайын деген оюна токтолбостон эле кете берди. Атайын окуу күндөлүгүнө да идеялык мазмунун, башкы оң жана терс каармандарын, окуянын кайсыл жерде, кайсыл мезгилде өткөнүн ж. б. керектүү мерчемдүү жерлерин өзүнө жазып калтырган жок.

Кээ бир балдар өзү окуган китептери жөнүндө жолдошторуна, китепканачыларга төкпөй-чачпай айтып берет да ар бир каармандын иш аракеттерине, мүнөздөрүнө талдоо жасашат, китептеги белгилүү бир мезгилдин сүрөттөлүшүн башка бир китепте кандай сүрөттөлгөндүгү менен салыштырат. Анткени, бул балдар китепти эң туура тартипте окушкан. Аларга китептин идеялык мазмуну, каармандарынын мүнөздөрү, деги бардыгы түшүнүктүү. Анда алар кандай тартипте окушкан?

Китепти колго алып окуганда алар эч качан шашылбаган, китептин кээ бир жерлерин окубай таштап кеткен эмес. Китепти окуганда учуроочу түшүнүксүз сөздөрдү билип алуу үчүн аракеттенип, китептин аягындагы эскертүүсүнөн же сөздүктөн караган; сүрөттөрүнө, чиймелерине, карталарына көңүл бөлгөн.

Алар ар бир окуган китептерин дептерге жазып: китептин авторуна жана атына, негизги идеялык мазмунуна, каармандардын ысымдарына токтолушкан жана китептин ага канчалык жаккандыгы, кандай ойлорду туудургандыгы жөнүндө жазып коюшкан, ой жүгүртүшкөн.

Орустун улуу педагогу Константин Дмитриевич Ушинский: «Окуу—бул али эч нерсеге жатпайт; окуу керек жана окулганды кандай түшүнүү керек — башкы нерсе мына ушунда» деп айткан. Кээ бир балдар окуган кызыктуу китептери боюнча талкуу өткөрүүсүн китепканачылардан суранышат. Алардын талкууда чыгып сүйлөгөн сөздөрү, китепканачынын же мугалимдин китептин идеясы жөнүндөгү жыйынтык сөзү талкууга катышкандардын түшүнүгүн тереңдетет, китептин мазмунун, анын идеясын унуттурбайт.

Ошондуктан төмөнкүдөй формада окуу күндөлүгүн түзүп алышың керек. Бул күндөлүккө окуган китептериңдин, макалалардын ичинен кызыктууларын жазып аласың.

Мындай окуу күндөлүгүн жыл сайын жүргүзүп, ар жылдын аягында эмнени билгендигиңди ой менен өлчөп

Бөлүмү (илимдин кайсыл тармагы) же көркөм адабият.	Автору жана китептин же статьянын аталышы. Чыккан жери, жылы, статья болсо басылган журнал, жылы, №, бети. Кыскача мазмуну жана башкы каармандары, идеясы.	Эскертүү (Мында өзгөчө эмнеге көңүл буруу керектиги жазылат).

көрсөң болот. Андан сен билим жолундагы бир жылдык эмгегиндин салмагын көрөсүң.

КИТЕПТИН ТИТУЛДУК БАРАГЫ

Китептин автору, аталышы, чыккан жери, жылы ж. б. көрсөтүлгөн баракты — титулдук барак дейт.

Китепти китепканадан барып сураганда дайыма ал китептин авторун атап, анан ал китептин аталышын айтасың. Китептин автору жана аталышы титулдук баракчанын биринчи бетинде көрсөтүлөт. Китептин аталышынан кийин ал китеп романбы, повестпи, поэмабы, же ырлар жыйнагыбы, же атайын окуу китебиби—мына ушулар көрсөтүлөт. Ошол эле баракчанын аягында китептин чыккан жери, басмасы, жылы берилген.

Титулдук баракты экинчи бетинде көпчүлүк китептерде аннотация берилет. Аннотацияда китептин кыскача мазмуну баяндалат.

Кээ бир китептерде анын автору, китептин аталышы көрсөтүлгөнү менен анын роман, повесть, аңгеме, ыр же очерк экендиги көрсөтүлбөйт. Мындай китептердин мазмунун карай койсок эле ал көркөм чыгарманын кайсы жанрына киргендигин билип алабыз. Мисалы, Ш. Бейшеналиевдин «Данакер» деген китебинин аталышынан кийин ырлар, аңгемелер, повесттер жыйнагыбы — анысы жазылбаган. Анын мазмунун ачып карап, дароо эле кайсы жанр экенин билип алууга болот.

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ КИТЕПТИ КАНТИП ОКУУ КЕРЕК?

Илимий-популярдуу китепти окуганда китепке план жана конспект түзүп алуу жана андагы эң маанилүү цитаталарын жазып коюу пайдалуу болот.

План — бул китептин главаларынын кыскача баяндамасы. Ал китептин мазмунундай болуп түзүлөт. Китепте болгон хронологиялык маалыматтар, адамдын жана шаардын аттары, сандар, ошондой эле унутууга болбой турган сөздөр жазылат.

Конспект — деп окуган китепти, же главаны өз сөзү менен жазууну айтабыз. Китептин главалары (бөлүмдөрү) боюнча конспект жазуу керек. Конспект жазыла турган китепти адегенде көңүл коюп окуп чыгуу зарыл, андан кийин автордун негизги оюн өз сөзүң менен жазып, аны далилдөөчү, же түшүндүрүүчү маалыматтарды (далилдерди) келтирүү керек.

Цитата — деп китептин текстинен өзгөртүүсүз сөзмө сөз алынган кыска корутундуну айтабыз. Цитата автордун негизги ою кадимкидей даана жана толук берилген жеринен алынат. Цитатанын эки жагы тырмакчага алынып жазылат. Андан кийин кашаанын ичинде цитатанын алынган жери б. а. кайсы китептен жана анын кайсы бетинен экендиги толук көрсөтүлөт.

Илимий-популярдуу китептерди окууганда түшүнүксүз болгон кээ бир сөздөрдү билүү үчүн ар түрдүү энциклопедияларга, сөздүктөргө жана справочниктерге кайрылууга туура келет. Ал сөздөрдү атайын блокнотко жазып алып, туш-тушуна маанисин да берип коюу талапка ылайыктуу болот.

ОКУЛГАН КИТЕП ЖӨНҮНДӨ ОЙ-ПИКИРДИ КАНТИП ЖАЗУУ КЕРЕК?

Китепти окуганда китептин мазмунун гана эске тутуп калбастан, ал китеп жөнүндөгү өзүнүн ой-пикирин да жаза билиш керек. Китепти көңүл коюп окуп чыккандан кийин, анын мазмунуна ой жүгүртүлөт да, төмөндөгүдөй план боюнча ой-пикир жазылат.

1. Автордун фамилиясы жана китептин аталышы көрсөтүлөт.

2. Китептин кыскача мазмуну баяндалат.

3. Китептин негизги каармандары көрсөтүлөт да, анын ичинен эң башкысы мүнөздөлөт (каармандын кандай эрдиктерди көрсөткөндүгү, анын мүнөзү, адамгерчилик сапаты, мамилеси, өзүнө жаккан жерлери жазылат).

4. Китептин өзгөчө эмнеси жаккандыгы, кайсы жерлери чоң таасир калтыргандыгы көрсөтүлөт. (Окуялардын сүрөттөлүшү, адамдардын мүнөздөрү жана портреттери, жаратылыштын кубулуштары ж. у. с.)

5. Китептен кандай жаңы нерсени билгендигиңди жана түшүнгөндүгүңдү көрсөтүп коёсуң.

6. Өзүңдүн жолдошторуңа ал китепти окуп чыгууга сунуш кылууга болобу? Эмне себептен?

7. Аягына ой-пикирди жазган мектеп окуучусунун фамилиясы, классы жана кайсы числодо, жылда экени жазылат.

Жогоруда көрсөтүлгөндөр суроо эмес, ал план. Ошондуктан аларга так жооп берүү менен аякталып калууга болбойт. Мүмкүн болушунча анын ар бирине кеңири токтолуу керек.

БАЛДАР АДАБИЯТЫНЫН ЖУМАЛЫГЫ

Ар жыл сайын биздин өлкөбүздүн бардык жерлерinde балдар адабиятынын жумалыгы чоң майрам катары белгиленип келе жатат. Ал, мектеп окуучуларынын жазгы каникул күндөрүндө, март айынын акыркы жумасында өткөрүлөт.

Ушул эле мезгилде бул жумалык бир тууган Болгария, Чехословакияда жана Польшада да кызыктуу өтөт.

Китепканалар бул күндөрү кеңири түрдө китеп көргөзмөлөрүн уюштурушат, кызыктуу конференцияларды, адабияттык талкууларды өткөрүшөт, жазуучулар менен жолугушуулар болот, анкемелерди жана обзорлорду угасынар.

Бул силердин турмушуңардагы белгилүү жана маанилүү окуя. Анткени китепканалар китепканага мурда келе элек балдар үчүн экскурсия уюштурат жана аларды китепканага катташат. Андан кийин китепти үйгө жазып берет. Ошентип, силер китептер дүйнөсү менен тааныша баштайсынар.

Китепти окуп пайдалануу менен — мектепте өтүлгөн сабагыңарды бекемдейсиңер, китепти окуп пайдалануу менен — билим жолуна түшөсүнөр. Владимир Ильич Лениндин «Китепсиз билим жок, билимсиз коммунизм жок!» деген сөзү ар бирибиздин эсибизде болушу керек.

КИТЕПКАНАНЫН АКТИВИСТТЕРИ

Ар бир китепканада ага үзгүлтүксүз келип туруучу окурмандар бар. Алар китеп алып эле окушпастан, китепканада өтүүчү массалык иштерге да активдүү катышат. Мисалы, утренниктерди жана талкууларды даярдоого жана өткөрүүгө, китеп көргөзмөлөрүн жана плакаттарды уюштурууга (өзгөчө алар сүрөттөрүн тартып жана темаларын жазып беришет) ж. б. жардамдашат. Булар — китепкананын активисттери.

Китепканачы, мына ушул өзүлөрү келип, китепканага жардам берип тургандар менен эле иштей бербейт. Активге калган окурмандардын кеңири массасын да тартат.

Китепкананын активисттеринин катарына мектепте уюштурулган кружоктордун катышуучулары да кеңири тартылат. Китепканачы аларга керектүү адабияттарды таап берет, ар түрдүү массалык иштерди кантип уюштуруу жөнүндө кеңешин айтат. Мисалы, адабият кружогунун катышуучуларына белгилүү бир жазуучубузга арналган кечени кантип уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө кеңеш берилет.

Активисттердин көпчүлүгү китепканага окурмандарды тартууга жардам беришет, китепканага өз учурунда келе албаган мектеп окуучуларына китеп жеткизишет, жаңы газета-журналдардан угуза окуп берүүлөрдү өткөрүшөт.

Активисттер ар дайым өзүлөрү окуган кызыктуу китептерди жолдошторуна сунуш кылышып, китеп жөнүндөгү ой-пикирлерин жазышат. Китеп тандап алуунун ыкмаларын анча билбеген жолдошторуна китепти кантип тандап алуу жөнүндө кеңеш беришет.

Тестиер активист балдар үчүн китепканачы «Китептердин ооруканасы» кружогун ачат. Окуу залынын бир бурчунда «Китептердин ооруканасы» деген темада плакат уюштурулат. Плакаттан кадимки доктор Айболиттин сүрөтүн көрөсүңөр. Ал ийнеге жипти саптап алып, китептин мукабасын ондоп-тигип жаткан болот.

Китептин доктору буларды билүү керек:

1) Китепти туура пайдалана билүүнү.
2) Китепти клей менен дарылап айыктырууну.
3) Китеп үчүн чөп кат жана папка жасоону.

Плакаттын жанындагы столдо кагаздар, клей, кайчы

турат. «Китептин ооруканасынын» атайын журналы бар. Анда оорулуу китептер жана аларды дарылап айыктырган докторлор жөнүндө жазылат. Балдар адабиятынын жумалыгында «Китептердин ооруканасынан» дарыланып айыккан китептердин көргөзмөсү уюштурулат. Көргөзмөдө китептин эң мыкты докторлорунун фамилиясы, кайсы мектепте окугандыгы көрсөтүлөт.

Өспүрүм балдар үчүн, башкача айтканда, 7—8-класстын окуучулары үчүн «Китепкананын достору» деген кружок уюштурулат. Кружоктун мүчөлөрү китеп менен иштөөнү үйрөнүшөт, китепкананын өткөргөн массалык иштерине: китепти талкуулоого жана адабияттык кечелерге катышат, альбомдорду жана плакаттарды уюштурууга жардам беришет, жаңы келген китептерден обзор өткөрүшөт. Китепкана үчүн жакшы өздөштүргөндөр угуза окууларды, аңгемелерди, утренниктерди өткөрүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

Бул кружокко катышкандар китепкана жана анын үчүн, китеп фондунун жайгаштырылышын, китептерди эркин тандап алуу текчеси кандай уюштурулгандыгын, китепти каталогдордон жана полкадан кантип тандап алууну (автору, аталышы, темасы), картотека жана библиографиялык көрсөткүчтөрдөн пайдалануу билиши зарыл, ошону менен бирге китепкана тарабынан өткөрүлүүчү бардык массалык иштерге активдүү катышуусу керек.

ӨЛКӨБҮЗДҮН ЖАНА РЕСПУБЛИКАБЫЗДЫН ИРИ КИТЕПКАНАЛАРЫ

Советтик бийликтин тушунда китепканалардын өсүп-өнүгүшүнө кеңири шарттар түзүлгөндүктөн бүгүнкү күндө биздин өлкөдө атагы дүйнөгө, союзга, республиканын кеңири аймагына чейин белгилүү болгон китепканалар өсүп чыкты. Алар: В. И. Ленин атындагы СССРдин Ленин ордендүү Мамлекеттик китепканасы, М. Е. Салтыков-Щедрин атындагы Мамлекеттик китепкана, СССР Илимдер Академиясынын китепканалар тармагы. Ар бир союздук республиканын мамлекеттик республикалык китепканасын биздин өлкөдө жакшы билишет.

Республикабыздагы ири китепканалардан болуп Н. Г. Чернышевский атындагы мамлекеттик калк ки-

тепканасы, Республикалык балдар китепканасы, Республикалык жаштар китепканасы, Республикалык илимий-техникалык китепкана, Республикалык айыл чарба китепканасы, Республикалык илимий-медициналык китепкана эсептелет.

Мен төмөндө бул китепканалардын кээ бирөөлөрүнө токтоло кетүүнү ылайык таптым.

СССРдин Ленин ордендүү В. И. Ленин атындагы Мамлекеттик китепканасы

Дүйнөдөгү эң чоң, эң бай китепканалардын ичинен эң жашы— СССРдин В. И. Ленин атындагы Мамлекеттик китепканасы эсептелет. Бул китепкананын түзүлгөнүнө 117 жыл болду. Китепкана 1962-жылы өзүнүн уюшулганынын 100 жылдыгын салтанаттуу белгилеген.

В. И. Ленин атындагы бул китепкана Франциянын Улуттук китепканасынан 500 жыл, ал эми Британ музейинин китепканасынан жүздөн ашык жыл, АКШнын Конгрессинин китепканасынан бир канча жыл кийин ачылса да дүйнөдөгү бай китепканалардын катарына кошулганына биз сыймыктанабыз.

СССРдин улуттук китепканасы катары В. И. Ленин атындагы бул китепкана көп иштерди аткарат. Ал иштердин бири: адабияттарды топтоо жана окурмандарды тейлөө. Анын китеп байлыгынын арасынан мындан 400 жыл мурда басмадан орус тилинде чыккан китептерди да оной эле табууга болот. Ал эми кол менен жазылган орус тилиндеги китептер XI кылымдан, византиялык китептер — VI кылымдан бар.

Улуттук китепкана болгондуктан, анын китеп фондусунда СССР элдериинин 90 тилдеринде басылып чыккан байыркы эпостордон тартып, бүгүнкү күндөгү чакан ырларга жана повесть, аңгемелерге чейинки китептер, газета-журналдар бар жана СССРде басылган бардык китептер, газета-журналдар, ал гана турсун ар түрдүү сүрөттөр, плакаттар, афишалар менен дайыма толукталып турат. Бул китепканага биздин өлкөдө чыккан бардык китептерден (басылып чыккан материалдарда) атайын акысыз пайдаланып топтоо укугу берилген, ошондуктан бул — толугу менен СССРдин улуттук китепканасы болуп эсептелет.

В. И. Ленин атындагы бул китепкана 113 чет өлкө тилдериндеги китептерди өз фондусунда сактап турат. Демек, баарын чогуу алганда анын китеп фондусунда дүйнөдөгү 203 ар түрдүү элдердин тилдериндеги китептер бар. Алардын саны 26.914.648 нускага жетет (китептер, газета-журналдар, карталар, нотолар, сүрөттөр ж. б.).

Өзүндө болгон бардык китеп байлыгын окурмандарга толук маалымдоо жана аларды жакшы тейлөө үчүн китепканада каталогдордун кеңири тармагы уюштурулган. Алар: кызматчы жана окурмандык каталогдор. Окурмандык каталогдор (алфавиттик жана системалык) окуу залдарынын өзүндө жайгаштырылган. Китепкананын 21 окуу залы жана аларда 2585 окурмандык орун бар.

Ар бир окуу залы окурмандардын кайсы группаларын тейлей тургандыгы белгиленип коюлган. Мисалы, № 1 окуу залы илимдин докторлорун, профессорлорду, СССР Илимдер академиясынын академиктерин жана мүчө-корреспонденттерин тейлейт. Бул окуу залы үчүн бөлүнгөн китеп фондуда илимдин түрдүү тармактары боюнча китептерди табууга болот.

Силер келеркиде Москвадагы жогорку окуу жайларынын биринде студент болуп калууга жетишсеңер, албетте, бул китепкананын аябагандай бай китеп фондусунан ошол жердин өзүндө пайдаланууга мүмкүнчүлүк аласыңар. Анын үчүн ушул мезгилден, мектептин 5—6 классында окуп жүргөн мезгилден баштап эле терең билим алууга өз аракетиңерди күчөтүүгө тийишсиңер.

Эгерде, баса, бир илимий-популярдуу китеп керек болуп калса, ал биздин республикабыздагы китепканалардан табылбаса, мисалы, областтык же республикалык китепканалардан, анда ал китепти биз жогоруда сөз кылган В. И. Ленин атындагы СССРдин Мамлекеттик китепканасынын МБА (Межбиблиотечный абонемент. Кыргызча, китепкана аралык абонемент) бөлүмүнөн, кыргызча айтканда китепкана аралык бөлүмүнөн (КАБ) өзүң дайыма китеп алып окуп жүргөн китепканаң аркылуу 1 айлык мөөнөткө сурап алууга болот. Почта аркылуу келген китептин жол расходунун бир жагын гана окурман өз чөнтөгүнөн төлөп, китепкананын МБА бөлүмүнө кайра жөнөтөт.

Бул китепкана жөнүндө өтө көп жазууга болоор эле.

Сөз бул жерде тааныштыруу иретинде гана болгондуктан китепкана жөнүндө силер биринчи иретте эмнелерди билишиңер керек экендигине гана токтолдум. Орус тилинде бул китепкана жөнүндө газета-журналдарда жүздөгөн макалалар, он чакты китеп басылып чыккан, аны менен кеңири таанышкыңар келсе, китепканага келип, ал жөнүндөгү макалаларды жана китептерди алып окусаңар болот.

Эмгек Кызыл Туу ордендүү М. Е. Салтыков-Щедрин атындагы Мамлекеттик калк китепканасы.

Бул китепкана өзүнүн китеп фондусунун байлыгы жагынан СССРде В. И. Ленин атындагы Мамлекеттик китепканадан кийинки — экинчи орунду ээлейт. Көлөмү жагынан Салтыков-Щедрин атындагы бул китепкана Вашингтондогу Конгресстин китепканасы, Лондондогу Британия музейинин китепканасы Париждин улуттук китепканасы менен бир катарда турат. Китепкананын 19 миллиондон ашык китептери, кол жазмалары бүгүнкү күндө өз окурмандарынын китепке болгон бардык суроолорун камсыз кылып жатат. Китепкана 1795-жылы уюштурулган, бирок элди тейлөө үчүн 1814-жылы 14-январда гана ачылган.

СССР элдеринин 89 тилиндеги жана чет өлкө элдеринин тилдериндеги китептер бар. Китепкананын 28 залы бир эле убакытта 2169 окурманды тейлөө үчүн мүмкүнчүлүгү бар. Ар бир залда анын өзүнө гана тиешелүү болгон китептер жайгаштырылган. Мисалы, балдар жана жаштар адабияттарынын окуу залы. Бул залда 5-класстын окуучуларынан тартып бардык мектеп окуучулары жана жаштар тейленет. (Китепканада мектеп окуучулары 5-класстан тартып гана тейленет.)

Китепканага бир эле күндө 5 минден ашык окурман келип китеп окуйт. Бир эле күндүн ичинде 3 минден ашуун китеп, журнал, газета, карта, ноталарды китепкана жаңы алат. Дүйнөдөгү 100 дөн ашык мамлекеттер менен байланышып, эл аралык китеп алмаштыруу боюнча 2789 китепканадан китеп алып турат.

Китепкананын окуу залынан Виссарион Григорьевич Белинский, Николай Гаврилович Чернышевский, Николай Андреевич Добролюбов, Дмитрий Иванович Писа-

рев такай пайдаланышчу. Орустун улуу акыны Александр Сергеевич Пушкин, сатирик М. Е. Салтыков-Щедрин, акын Н. А. Некрасов, жазуучу В. Г. Короленко, тамсилчи И. А. Крылов китепкананын активдүү окурмандары болушкан.

Бул китепкананын китеп байлыгынан улуу окумуштуулар: Пирогов, Боткин, Сеченов, Менделеев, Мечников, Павлов, Тимирязев ж. б. пайдаланышкан. В. И. Ульянов ушул китепканада көп окуп, макалаларын жазуучу. Өзүнүн жолдоштору менен бул жерде жолугушуу уюштурган. Ал зал азыр Лениндик зал деп аталат.

Жогоруда биз атап өткөн улуу адамдар окуган китептерди азыркы күндө окуп пайдалануу кызыктуу жана ыракаттуу. Бул китепканадан да китепкана аралык абонемент аркылуу китеп алууга болот.

Китепканада өзүнчө дүйнө. Адамдар жана китептер. Окуу залдары жана китеп сакталган жерлер. Айланаңды бүт — китеп курчап турат. Алар ар түрдүү. Китепканачылар «леп» эткен суроолорунду элпек кабыл алышат да, аларды аткаруунун аракетинде. Түрдүү суроолор менен кайрылган окурмандар көп болсо да, китепканада мемиреген тынчтык!

Бул китепкана өлкөбүз башынан өткөргөн тарыхый окуялар менен бирге жашады. Анын өзүнүн да кызыктуу тарыхы бар. Китепкана жөнүндө жакшы китептер чыккан. Алардын бардыгы орус тилинде. Окугуңар келсе, дагы эле китепканачыга кайрылгыла!

СССР Илимдер академиясынын китепканасы (ИАК)

СССР Илимдер академиясынын Ленинграддагы илимий китепканасы өлкөнүн эң эски илимий китепканасынын бири, илимий китепканалардын борбору.

Россияда Мамлекеттик китепкана биринчи жолу 1714-жылы Петр I буйругу боюнча түзүлгөн. Анын негизин падышалык китепканалардын жана 1712-жылы Москвадан көчүрүлүп кеткен мурдагы Аптекардык приказдын китептери жана кол жазмалары түзөт. 1725-жылы бул китепкана Петербург Илимдер академиясынын карамагына өткөрүлүп берилген.

XVIII кылымдын аягына чейин ИАК Россияда коом-

чулук пайдалануучу көлөмү жагынан универсалдуу эң маанилүү китепкана болуп келген. Бул китепкананын фондусу негизинен академиянын китептери жана белекке берилген китептер жана коллекциялар аркылуу гана толукталып турган. ИАК 1783-жылдан баштап ата мекендик бардык китептерден милдеттүү нуска ала баштаган.

Китепкананы комплектөөнү ошол мезгилдин улуу окумуштуулары: М. В. Ломоносов, С. К. Котельников, Г. Ф. Миллер, В. Н. Татищев ж. б. жүргүзүшкөн. ИАК XVIII кылымдын аягында дүйнөдөгү бирден бир ири илимий китеп сактагычка айланат. Анын китеп окуучуларынын ичинде Н. Г. Чернышевский, Д. И. Писарев, Д. И. Менделеев, П. Л. Чебышев, И. П. Павлов ж. б. болушкан. 1891 жана 1894-жылдары китепканада В. И. Ленин өз чыгармаларынын үстүндө иштеген. 1921—24-жылдары В. И. Лениндин көрсөтүүсү боюнча ИАК атайын өзүнө тургузулган имаратка көчүрүлгөн.

ИАКтын жана анын Ленинграддык тармактарынын китеп фондусу 1970-жылдын 1-январына карата 12,5 млн. томго жакын болгон. Анын 8 млн. томдон ашыгы ИАКтын борбордук китепканасында орун алган. ИАКтын фондунда илимдин түрдүү тармактары боюнча адабияттар бар.

Ата мекендик адабияттардын бардыгы толугу менен топтолгон. ИАКтан XVIII кылымдагы орус китептери менен журналдарынын толук коллекцияларын табууга болот. Баарыдан да илимдер академиясынын түзүлгөнүнөн баштап басылган чыгармалар өтө баалуу. Физика-математикалык жана табият илимдери боюнча чет элдик адабияттар да арбын.

Ар жыл сайын ИАК 10 миңге жакын чет элдик газет-журналдарды жана улантылган китептерди алат. ИАКта 16 миң бирдикке жакын кол жазма материалдары сакталып турат. Алардын ичинде летописттер, тарыхый жыйнактар, византиялык жана батыш европалык хроникалардан котормолор ж. б. бар.

ИАК дайыма байыркы орус жазуусундагы эстеликтерди чогултуу боюнча экспедицияларды уюштуруп турат. ИАКтын фондусунда 90 миңден ашык бирдиктеги картографиялык жыйнактар бар. Борбордук китепкана жана анын ленинграддык бөлүмдөрү ар жыл сайын 30 миңден ашык окурмандарды тейлейт.

ИАК 99 өлкөнүн 2800 дөн ашык илимий мекемелери менен китеп алуу жана берүү ишин жүргүзөт. Илимдин айрым тармактары жана проблемалары боюнча адабияттардын библиографиялык көрсөткүчтөрүн чыгарат, айрым китептердин коллекциялары үчүн басылган каталогдорду даярдайт, кол жазма материалдарынын илимий жазылыштарын жарыялайт, китеп таануу иши, китепканалык иштин жана библиографиянын теориясы жана практикасы боюнча ар түрдүү тематикалык жыйнактарды чыгарат.

ИАК СССРдеги китепканалардын физика-математикалык жана табият таануу илимдери боюнча маалыматтык жана библиографиялык илимий координациялоочу тармактык борбору болуп эсептелет.

XIX кылымга чейин эле академиялык мекемелерде атайын китепканалар пайда болгон. СССР Илимий академиясынын институттарынын атайын китепканалары 1930-жылы бириктирилип, бирдиктүү тармакта борборлоштурулган. Илимдер академиясынын Ленинграддагы китепканасы академиялык калган башка китепканаларга административдик, уюштуруучулук жана методикалык борбор болуп калды. Ушул мезгилден баштап ИАК академиялык мекемелердин китепканалары үчүн борбордук комплектөө жана чет тилде түшкөн адабияттарга каталог түзүү иштерин жүргүзөт.

1934-жылы СССР Илимдер академиясынын Президиуму Москвага которулганына байланыштуу Москвада адегенде китепканалык пост, ал эми 1938-жылдан тартып ИАКтын филиалы болгон атайын китепканалардын тармактык сектору уюштурулган. Илимий изилдөөлөрдүн өсүшү менен СССР Илимдер академиясында илимий китепканалардын тармагы да көбөйөт. Алардын саны 1969-жылы 170 ке жеткен.

Кыргыз ССРинин Н. Г. Чернышевский атындагы Мамлекеттик китепканасы

Азыркы Н. Г. Чернышевский атындагы Мамлекеттик китепкана 1934-жылы август айында ачылган. Алгачкы жылдары анын структурасында китептерди топтоо жана кайрадан иштеп чыгуу бөлүмү, окуу залдары, абонементи, китеп сактоо бөлүмү, көчмө бөлүмү жана методика-

лык-библиографиялык иштерди жүргүзүүчү китепканачылардын кабинети болгон. Китепканада 13 киши иштеген.

Бул китепкананын базасында 1938-жылы Н. К. Крупская атындагы борбордук шаардык жана Мамлекеттик калк китепканасы кайрадан уюштурулат. Мамлекеттик калк китепканасы ошол жылдан тартып СССРдин территориясында чыккан бардык басылыштарды акысыз алуу укугуна ээ болот. Бул китепканага 1939-жылы 8-декабрда Кыргыз ССР Жогорку Советинин Указы менен Н. Г. Чернышевскийдин аты коюлат. Жыл өткөн сайын анын китеп фондусу тынымсыз өсөт. Ошону менен катар окурмандардын да саны көбөйөт.

1950-жылы китепканада край тааануу жана кыргыз китептери бөлүмү түзүлөт. Кийин ал улуттук библиография бөлүмү болуп кайрадан түзүлгөн.

Н. Г. Чернышевский атындагы китепкана Мамлекеттик улуттук китепкана болгондуктан ага республикадагы бардык массалык китепканаларга методикалык борбор болуу милдети ыйгарылган. Ошол милдетти иш жүзүнө ашыруу үчүн китепканада методикалык кабинет ачылат. Кийин ал илимий-методикалык бөлүм болуп кайрадан түзүлгөн.

60-жылдары китепкана өз ишинде бардык жагынан жакшы жетишкендиктерге ээ болот. Биринчиден, ал китепкананын 1962-жылы үч этаждуу заңгыраган имаратка көчүп кирүүсүнө байланыштуу болсо, экинчиден методикалык жана библиографиялык иштерди алып барган кадрлардын күчтүү группасынын топтолушуна байланыштуу болду.

Бүгүнкү күндө Н. Г. Чернышевский атындагы улуттук китепкана республикабыздагы бардык китепканалардын иштерин координациялоочу борборго айланды.

Н. Г. Чернышевский атындагы китепкана фондусунун составы жана информациялык-библиографиялык ишинин мүнөзү жагынан — универсалдуу илимий китепкана. Жыл сайын ал 40 миңден ашык окурмандарды тейлеп, 3 млн. го жакын китепти берет.

Бул китепкана методикалык колдонмолорду жана библиографиялык көрсөткүчтөрдү түзөт жана басып чыгарып республикабыздагы китепканаларга жөнөтөт. Республикалык илимий-практикалык конференцияларды, семинарларды, көнүгүүлөрдү өткөрөт.

Китепкананын жүргүзгөн библиографиялык иши көп кырдуу. Ал универсалдуу, тармактык жана сунуш кылуучу библиографиялык көрсөткүчтөрдү түзөт.

Өзүнө түшкөн адабияттар жөнүндө республиканын жүздөгөн мекемелерине информацияларды такай жөнөтүп турушат.

Кийинки жылдары китепканада китепкана таануу жана библиографиянын теориясы боюнча атайын илимий-изилдөө тобу иштей баштады. Бул топ республикада китепкана илими боюнча жүргүзүлүп жаткан изилдөө иштерин алып бармакчы.

Китепканада илимий совет иштейт. Анда китепканадагы эң маанилүү жана актуалдуу маселелер каралат.

Бүгүнкү күндө китепканада 20дан ашык бөлүм жана сектор, 16 атайын окуу залы бар. Китепканада бардыгы болуп 300гө жакын киши эмгектенет.

Алардын көпчүлүгү китепканачылар жана библиографтар. Окурмандар үчүн улуттук библиография жана справкалык-библиографиялык бөлүмдөр аябагандай көп маалыматтарды беришет. Картотекалардан жана каталогдордон кантип пайдалануу жөнүндө атайын дежурный библиограф көрсөтмөлөрдү берип турат.

Китепкананын фондусуна кыргыз, орус жана СССР элдеринин жана чет өлкөлөрдүн элдеринин тилдериндеги 3,5 миллиондон ашык китеп топтоштурулган. Ал китеп фондусуна жыл сайын 150—180 мингe жакын экземпляр басма продукциялары келип кошулуп турат. Китепкананы комплектөөнү атайын топтоо бөлүмү жүргүзөт. Китепкананын фондусу үч бөлүктөн турат: негизги, көмөкчү жана айырбашталуучу.

Китепканадагы каталогдордун өзүнчө системасы бар. Алфавиттик жана системалык каталогдор негизги каталогдордон болуп эсептелет.

Бардык тилдердеги китептерге өзүнчө айрым алфавиттик каталогдор уюштурулган. Ошентип китепканада алфавиттик түрдүү каталогдор бар. Журналдар, газеталар жана улантылган басылыштар үчүн да атайын өзүнчө алфавиттик каталогдор түзүлгөн.

Системалык каталогдор менен картотекалар китепканадагы адабияттарды жана газета-журналдардын макалаларын илимдин түрдүү тармактарына бөлүп көрсөтүп турат.

Музыкалык адабияттар менен техникалык адабият-

тардын атайын түрлөрү боюнча да өзүнчө айрым картотекалар түзүлгөн.

Н. Г. Чернышевский атындагы китепканада массалык иштер дайыма өткөрүлүп турат. Китеп көргөзмөлөрү жана плакаттар үзгүлтүксүз уюштурулат. Аларда китепкананын китеп байлыгы мүмкүн болушунча кеңири чагылдырылат.

Библиографиялык обзорлор, тематикалык китеп көргөзмөлөрү жана жаңы келген китептердин көргөзмөлөрү окурмандардын китепке болгон кызыгуусун канаттандырбай койбойт.

Кыскасын айтканда, окурмандар үчүн китепкана жүргүзүп жаткан ишинин баарын биз бул жерде толук айтууга мүмкүнчүлүк болбогондуктан, силерди китепканага экскурсияга чакырабыз. Анткени китепканада атайын экскурсоводдор бар.

Кыргыз ССРинин Республикалык балдар китепканасы

Кыргыз ССРинин Республикалык балдар китепканасы мурдагы Фрунзе областтык балдар китепканасынын негизинде 1958-жылдын 15-ноябрында кайрадан уюштурулган. Ал ошол күндөн тартып балдар жана балдардын китеп окуусуна жетекчилик иштерин жүргүзгөндөр үчүн арналган адабияттардын республикалык китеп сактагычы, балдар менен иштөө, балдар адабиятынын библиографиясы жана балдарды тейлеген китепканалар үчүн илимий-методикалык борбор болуп калды.

Республикалык балдар китепканасынын бүгүнкү күндө беш бөлүмү бар. Алар төмөнкүлөр: методикалык, тейлөө, библиографиялык, китепти топтоо жана кайрадан иштеп чыгуу, китепти сактоо. Фрунзе шаарынын сегизинчи жана он биринчи микрорайондорунда 1977-жылдан бери бул китепкананын эки филиалы иштейт. Алар түздөн-түз орто мектептердин өзүндө орун алышкан.

Республикалык балдар китепканасынын китеп фондусунда 150 миңден ашуун балдарга жана алардын окуусуна жетекчиликти жүргүзгөндөргө арналган ар түрдүү илимий-популярдуу, көркөм жана маалымат берүүчү адабияттар топтоштурулган. Алардын баары

илимдин түрдүү тармактарына бөлүнүп, китепканада кабыл алынган системалык-алфавиттик тартипте жайгаштырылган.

Китепканада алфавиттик, системалык жана китептердин аталыштарына каталогдор түзүлгөн. Бул иштерди жүргүзүүгө жогоруда аталган бөлүмдөрдүн бири — китептерди топтоо жана кайрадан иштен чыгуу бөлүмү милдеттендирилген. Ал эми китепти сактоо бөлүмү илимдин түрдүү тармактарына бөлүнгөн китептерди китепканадагы текчелерге системалык-алфавиттик тартипте жайгаштырып турат.

Окурмандар тарабынан күндөлүк окулган китептерди текчелерге жайгаштыруу иши да китепти сактоо бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт. Окурмандардын заявкалары боюнча сактоо бөлүмү тарабынан китептер полкалардан изделип табылат жана окурмандарга жиберилет.

Тейлөө бөлүмүндө 15 минден ашык окурмандар китеп, газета, журнал менен камсыз болгон. Китептерди үйгө берүүнү тейлөө бөлүмүндө уюштурулган эки абонемент (1—3-класстагылар үчүн жана 4—8-класстагылар үчүн) жүргүзөт. Китепкананын окуу залынан балдар үчүн чыгуучу түрдүү газеталарды жана журналдарды окууга, энциклопедиялардан, справочниктерден, сөздүктөрдөн, каталогдордон, супуп кылынган көрсөткүчтөрдөн толук пайдалануугa мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн.

Китепкананын тейлөө бөлүмүнөн 1—8-класстарда окуган мектеп окуучулары, мектепке чейинки алты жаштагылар жана мугалимдер, эта-энелер, балдар бакчасынын тарбиячылары кеңири пайдалана алышат. Тейлөө бөлүмү окурмандар арасында жекече жана түрдүү массалык иштерди өткөрүп турат. Көптөгөн китеп көргөзмөлөрүн жана плакаттарды уюштурат, жазуучулар жана белгилүү адамдар менен кызыктуу жолугушууларды өткөрөт.

Библиографиялык бөлүм тейлөө бөлүмү менен бирдикте окурмандардын бардык суроолоруна жооп берет, супуп кылынуучу библиографиялык көрсөткүчтөрдү түзөт, түрдүү картотекаларды уюштурат, китеп окуу маданиятына үйрөтүүчү иштерди алып барат.

Методикалык бөлүм тарабынан республикабыздагы балдар менен иштеген бардык китепканаларга методикалык жардамдар көрсөтүлөт. Китепканадагы бардык

уюштуруучулук иштердин көпчүлүгүн ушул бөлүм жүргүзөт.

Кыскасын айтканда, Республикалык балдар китепканасы балдардын китеп окуусуна жетекчилик иштерин жүргүзөт. Демек, республикабыздагы бардык балдардын суроолоруна көңүл бөлөт жана аларды аткарат.

Түшүнүксүз болгон бардык суроолорду Фрунзе шаары, Ленин проспектиси, үй номери 281, индекс 720054 кө жиберүү керек.

Ишенов Сайнидин

БИБЛИОТЕКА — ТВОЙ ДРУГ

(На киргизском языке)

Издательство «Мектеп»

Редактор М. Аманов
Худ. редактор А. Байбөрүев
Тех. редактор Л. Хван
Корректор Б. Шамшиев

ИБ—№ 1166

Терүүгө 12. 04. 1979-ж. берилди. Басууга 06. 06. 1979-ж. кол коюлду. Д—01274. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 84x108 1/32. Адабий ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 1,625 физ. басма табак. 2,73 шарттуу басма табак. 2,636 учеттук басма табак. Нускасы 2000. Заказ № 1429. Баасы 10 т.

«Мектеп» басмасы.
720351, ГСП. Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси, Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети.
720616, ГСП. Фрунзе шаары, Караганды көчөсү, 72.